


Жумакан Калилова

# ЧАГЫЛГАН

Формуляр книги

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 25.03 2018 | | |
| | 20.08 2019 | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Зак. 90—100000

84
К-17

ЖУМАКАН КАЛИЛОВА

# ЧАГЫЛГАН

*(Ырлар, тамсилдер, сатиралар, аллегориялар)*



Городская библиотека

«Бийиктик»
Бишкек – 2010

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
К 17

Калилова Жумакан.
К 17 Чагылган: *Ырлар, тамсилдер, сатиралар, аллегориялар*. – Б.: Бийиктик, 2010. – 240 б.

ISBN 978-9967-13-645-8

Автордун туңгуч чыгармасы болгон «Чагылган» аттуу бул китебинде адам, коом, жаратылыш мамилелеринин жыштыгы поэзиялык-тамсилдик тилде көркөм чагылдырылат.

К 4702300200 – 10

ISBN 978-9967-13-645-8

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Калилова Ж., 2010.

## ОТТУУ КАЛЕМ

Жумакан Калилованын калеминин ар бир шилтеми бөөдө кетпейт. Анын ырлары жана аллегориялык желеге байланган оттуу ар бир сабы, куплети бүткөн ойду жогорку чыңалуудагы жыштыкта кармайт. Автордун артыкчылыгы – анын чыгармаларында таасындык, калыстык, айлана-чөйрөгө зирек саресеп салууга жетиштүү дарамет калыптанган.

Жумакандын жан-дүйнөсүнүн ички дүрбөлөңү дайыма жаңылыкка толуп турат. Кайдыгерлик, куулук-шумдук илдеттерден коомду «дабалоонун» адабий жолун автор мыкты өздөштүргөн. Автордун көөдөнүндөгү үнсүз чаңырыгы кагаз бетине түшүрүлгөндө сезимдар окурмандын жан-дүйнөсүн багынтып алууга жөндөмдүү.

Жаз келип, алгач күн күркүрөгөндө «Жер жарылып чөп чык, желин айрылып сүт чык!»– деп алас айтабыз. Жумакандын чыгармаларында да кудум ошол каалоо-ниетти билдиргендей коомго оттуу тил менен калыс каалоолорду тилегени, жакшылыкка үндөгөнү «алас» болуп жаңырып турат. Ал мындай бушаймандыгын сатиранын, тамсилдин, же

публицистиканын тили менен деле кыйналып-кысталбай жеткире алат.

Эң башкысы – автор соңку жылдарда жакшы колдонулбай, «архаикалык» жанрга айланып кетүү босогосунда турган аллегориялык багытты кайра ойготууга далаалат жасагандыгында.

Андыктан, аллегориялык жанрдын ордун эч нерсе менен алмаштырууга болбосун унутпашыбыз керек. Анткени, Жумакандай таасын таланттар турганда, асти бул жанрлардын да туз-калемпири кемибес.

**Уланбек ПАРМАНОВ,**
**редактор.**

## ЖОЛДОШУМДУН ТИЛЕГИ

Сен неге кайгырасың кабак бүркөп,
Аязда үшүп калган даракка окшоп.
Ушакчы уу тилдерин кайрай берсин,
Кыянат кыла албайт, керексиз
тыйынга окшоп.

Аязда карды кечип, музду кечип,
Жактырып алдым эле жаш бекитип.
Чындыкты бурмалаптыр арсыз жаман,
Бой көтөр, жалгандарга тике кара.

Баламдын энекеси, сүйгөн жарым,
Жаштыктын гүлгүн кезин арнаганым.
Мен үчүн таза колдун балыгысың,
Үйүмө мээрим чачкан жарыгымсың.

Булуттай шамал айдап турагы жок,
Көрүнгөн тоонун башын жүргөн жойлоп.
Сенсиз айланмакмын байкуш жанга,
Караңгы түндү жарган болдуң Айча.

Тармал чач уулдарды чоңойтолу,
Ушакты, жалаа сөздү тоготпойлу.
Бактагы катар өскөн жоогазындай,
Турмуштун толкунуна таш коёлу.

## ЫРЛАРЫМ

Каргыш тийген душманга,
Каршы аттан ырларым.
Өздөн чыккан жаттарга,
Таамай тийгин ырларым.

Кара курттун уясын,
Жарып өткүн ырларым.
Ушакчынын уу тилин,
Чагып өткүн ырларым.

Абийирсиздин, бетсиздин,
Айыбын айт ырларым.
Көсөө кактайт отуна,
Көөшөрүп айт ырларым.

Батасынан оң-тескери,
Корко көрбө ырларым.
Бөөдө каргыш бөрүгө,
"Бок" экенин уккамын.

Тагдырымдын чындыгын,
Сага айтам ырларым.
Оорусуна жүрөктүн,
Даба болгун ырларым.

Ирик оаздон, чирик сөз,
Айткан жерге барарсың.
Адам чыдап туралгыс,
Чалгын сөзгө саларсың.

Ылаачындай кош канат,
Кагып өткүн ырларым.
Бузуктардын сөзүнөн,
Чаргып өткүн ырларым.

Акты жеңди арамдык,
Арманым айт ырларым.
Чындык ооп калганын,
Чырылдап айт ырларым.

Кудуктагы сууңа,
Түкүрбө! – де ырларым.
Партияны жамандап,
Көбүрбө! – де ырларым.

Тайгак белден, кан жолдон,
Коммунисттер өткөн ээ.

Канчаңар тоңуп өлмөксүң,
Гигант ГЭСтер болбосо.

Душман айтаар сүйдүрүп,
Айта көр ырым күйдүрүп.
Бузулган АКШ киносун,
Көрсөтмөк эмес бүлдүрүп.

Бийликте болсо партия,
Шылдың болуп, дүң болуп.
Арак, арам дүйнөгө,
Үн берет беле кыргызым.

Таза абийирге так кетип,
Атылат беле кыргызың.
"Малдан жок" – деп айрыма,
Аталат беле кыргызым.

Жаманды көрүп жакшыны,
Барктайлы де ырларым.
Жаман жагы ташталсын,
Жакшы жагын даңктайын.

Мүдүрүлбөй шыр кеткен,
Туяк болбос ырларым.
Жаңылбай түз сүйлөгөн,
Жаак болбос ырларым.

Акылдууну амалкөй,
Жеңип койду ырларым.
Сакалын жулуп Марксты,
Тээп койду ырларым.

Кайран Ленин атага,
Кээ коюлду ырларым.
Дене-боюн жаралап,
Шор куюлду ырларым.

Ынтымак өлкөм бузулуп,
Ыдырады ырларым.
Бир боорунан ажырап,
Зыркырады ырларым.

Арзан жашоо жыргалын,
Аттап өтүп ырларым,
"Партократ жаман" – деп,
Какшашка өттү ырларым.

Заңгыраган кабат үй,
Жаргак болду ырларым.
Даяр ашка тарп койбос,
Жорулар конду ырларым.

Башы көңдөй, көз тешик,
Депутат болду ырларым.

## АКЫНДАРГА ТААЗИМ

Ыр жазганды жакшы көрөм,
Бирок... билбейм, барбы менде,
"Талант" деген керемettен үзүндү.
Жок, – дейт жүрөк, көрбөйсүң го
үзүрдү.

Толкуну куч деңиздерден,
Калагы жок өткөндөргө.
Улуу тоонун кайберенин,
Колдоп, коргоп жүргөндөргө.
Ак булуттан чыга калып,
Ай перисин өпкөндөргө.
Махабатка лира болуп,
Өрттү кечип өткөндөргө.
Сүйүүлөрдөн "дастан" жазып,
Ыр көпүрө салгандарга.
Жылдыз болуп көк асманга,
Жерге нурун төккөндөргө.
Чиеленген пастыктарды,
Ак-карага бөлгөндөргө.
Жер алдында гүлдөр чыгып,
Көптүн көөнүн бургандарга.
Тунук булак, талбай агып,
Чоң дарыяга куйгандарга.
Кара куштар арасынан,

Ак куш болуп учкандарга.
Ыр берметин төккөндөргө,
Гүл белестен өткөндөргө.
Алтын-күмүш ширелишкен,
Ай нурунан жаралышкан,
Акылдардын жетигине.
Эмгектердин актыгына,
Акындардын алптыгына,
Бүгүн туруп,
Таазим кылып,
Баш ийдим!

## БИЛБЕПМИН

Мен чындыкты айланаман издепмин,
Жылдыздарга жайгашканын билбепмин.
Тайгактардан, тар жолдордон чыгарсаң,
Кайра сага ок атаарын, уу чачаарын
билбепмин.

Кечир мени партбилетим,
Сени колдой албадым.
Жамандардын сөздөрүнөн,
Мени коргой албадың.

Туура сөздү туугандардан издепмин,
Өздөн чыккан душманымды билбепмин.

Кызыл кандан жаралды эле партбилет,
Колдогондор кордошоорун билбепмин.

Эмичи, алды-арты таруу ботко,
"Чындык" – деп суук тумшук болдум
көпкө.
Шылдыңдайт, маймыл сымал кош
жүздүүлөр,
– "Эй арсыз, билетиңди ташта отко!.."

## КАЙРАН ПЕНДЕ

*(Маркум Султан Ибраимовго арнаймын)*

Чымынга кылбаптыр эч жамандыкты,
Күйдүрүп, душмандарын туура жүрдү.
Көтөрбөй кызматтарга туугандарын,
Жаркырап күн нурундай тегиз тийди.

Ала-Тоо өз мекени бүркүт шаңшып,
Элинин толгон-токой жүгүн артып.
Алтынга алмаштыргыс кыраан-шумкар,
Огунан күйкөлөрдүн болду майып.

Күйкөлөр көмгөн кезде болсо керек,
"Жакшы" – деп жалган сүйлөп койсо
керек.

Кылымдан келе жаткан кара өзгөйлүк,
Жолунан тазалатып койсо керек.

Жолборс өлсө, мышыктар күлсө керек,
Уюшулган канкордук, бийлик талаш.
Алданып, жалган дүйнө баш айлантып,
Алкашты, нашакорду сүрөсө керек.

Күчүктөй көз ача элек кыңшылатып,
Балыктар суудан курук чыгып алып.
Чымындын тагдырына күйгөн барбы?
Алданган чырпыктарды кыйса керек?

Таза болуп жүрөт дейт бир канкорду,
Чын болсо ага тийсин каргыш огу.
Кызыл, ак гүлдү бойлоп коко тикен,
Жамандар жакшы баркын билмек бекен.

Намысыңды коргогон бек, Султаның,
Ак пахтадай бактысын создурбайсың.
Кыргызым кара өзгөйлүк оорусунан,
Алтынды жезге чайкап соолутасың.

Жакшы десе жабылып буттан сүйрөп,
Жаман десе жабыркап малдай үрксөк.
Барктабапбыз дейбиз ээ, кайран пенде,
Боз топурак жамынып калган кезде.

## МЕН "АТАМАН" АРАКМЫН

Чынын айтсам тозокмун,
Азап салчу конокмун.
Жибитем, сүйөм, муздатам,
Ырдатам да ыйлатам...
Кылам баарын каалаган,
Көп кирсең коюн-кончума,
Ит кылам журтта улуган.
Балдарыңа кас кылам,
Катының кошо мас кылам.
Дүнүйөң кошо чачтырам.
– Ич, ич! – дейм,
Күндө шаштырам.

Кыздарга намыс иш кылам,
Мен жаны жок аракмын.
Оозуңарга куюлбайм,
Жалдырабайм, суранбайм.
Көктөй берсин дарагың,
Тамырына уу куйбайм.
Эркиң бошсуң адамым,
Алкымың тый, сактангын!

Ичсең ичкин, ченем бар,
Бүтпөс ишти бүтүргөн.
Уланганың үзүлгөн,
Тарыхта ордум, даңкым бар.

Акындар жазган дастандай,
Тойдо, ашта баркым бар.
Туулган күн, кечелер,
Менсиз өтпөйт, шартым бар.

Акылдуулар ыйлабайт,
Акмактарды байлаймын.
Кирип алып ичине,
Тозокту көздөй айдаймын.
Силер ичип жактырган,
Мен "атаман" аракмын!

## КӨГҮЧКӨНДҮН КАРГЫШЫ

Суперорганизм деп коюшат экен айрым окумуштуулар, кадимки эле көгүчкөн өзүнө түгөй тапса. Алар табийгаттын ар кандай өзгөрүшүнө тез көнүгүп кетишет. Ургаачысы жылына 12 жумуртка тууйт. Балдарына зерикпей камкордук көрөт, чоңойтуп учурат. Эгер түгөйүнөн ажыраса, башка канаттуулардай тез жупташып кетпейт экен. Бири-бирине берилүү, сыйлоо өтө күчтүү сезимдер менен курчалган.

Бала кезимден көгүчкөндөрдү өтө жакшы көрөр элем. Алардын топ-топ

болуп учушкандарын кароодон көзүм жадачу эмес. Ар дайым адамдарга жакын, эч коркпостон, эшик алдында жөргөлөп, жем издеген көгүчкөндөр.

Жазгүл үйгө келсе балдары алдынан тосо чуркап, үйдө 10-15 баш көгүчкөн бар экенин, кошуналар да үйүнө эки кап көгүчкөн этин (150-200 баш) шашлык кылганы алып келишкенин айтышты. Балдар кубанганынан чуркап, алдында "гүү-гүү" деген коробкаларда туткун болуп турган көгүчкөндөрдү көргөзүштү. Колундагы там-туң баскан наристеси жөрмөлөп барып, коробканы аңтарганда ичиндеги көгүчкөндөр көздөрүн бакырайтып, коркунуч жакындагандай чочулашып, ары-бери өздөрүн ургулап учуп калышты. Үйдүн ичин тоз-тополоң көтөрүп, үч уулу көгүчкөндөрдү кубалап, үйгө байлык киргенсип кубанычтарын сураба? Кайра тутуп коробкага салып коюшту. Мен биринчи жолу көгүчкөндөрдү колума кармадым. Алардын жүндөрү ушунчалык кооз, ар бир талы боёлбой калган эмес.

Табийгаттын таң калаарлык тартуусун кара, ушул ыйык көгүчкөндөр үй

44998

жана жапайы болуп эки шартта жашашат, жар боорлорунда, бузулган үй-жайлардын чатырларында гүү-гүүлөп олтуруп, нечен айлуу түндөрдү, жайнапкүлүп келген жаздарды, сөгүлгөн ап-аппак таңдарды, ызгаардуу чилде суук-тарды тосушкан сырдуу перенде тукумдарыбы? Ким билсин...

Эртеси карасам коробкадагы көгүчкөндөр 2-3 тукум тууп коюшуптур. Мен балдарга аларды тез бошотуп жибергиле деп, булар да эне көгүчкөндөр, ургаачылары көп экенин айттым. Ошол маалда сельсоветтен эл каттоо боюнча мени чакырып кетишти. Жумуштан келсем көгүчкөндөрдү союп, шишкебек жасап коюшуптур. Коңшулар чогулуп, төрт үй-бүлө болуп жүздөн ашык көгүчкөндүн этин бышырышыптыр. Бир заматта кооз көгүчкөндөр улуу оттун чогунда какталып калышты. Эти өтө таттуу экенин айтышып, закуска кылып жеп жатышты, айрым ичкен коңшулар. Жер асты-үстү боло түшкөнсүдү мага.

Жазгүл уктап жатып, чочуп ойгонуп, эмне болгонун өзү дагы түшүнбөй калды.

Керебеттин алдында баягы көгүчкөндөр койнундагы баласын кошуп, учуруп алып кетишкени жатышыптыр. Кара терге түшкөн Жазгүл керебеттин астын, тегеректерин бир сыйра карап чыкты. Эч нерсе жок, айлана тынч, алыс-алыста иттин үргөнү угулат. Короздун үнү жаңырып, таң ата баштаптыр. Жазгүл уулун бекем бооруна кучактап, коркунучтуу түш көрүп, бул кандай аян деп ар кандай уламыштардан жүрөгү түпөйүл болуп, көгүчкөндүн этин жээрин жеп, кандай айла кылаарын билбей, ар кандай түш көрүп, жолдошу дагы бейтынч эле.

Ошол каргашалуу күндө үйгө толо келген көгүчкөндөр үйүбүздүн тынчтыгын бузгандай, бир коркунуч кетпей жашап калгандай болду. Ошол күндөн баштап Жазгүл эшикке жалгыз чыкпай, эшикке чыкса балдарын биреөлөр көтөрүп кетчүдөй коркуп, жүдөп калыптыр.

Күндөрдүн биринде ошол көгүчкөндөрдү тутуп келген коңшубуз мотоциклден авария болуп, кабыргасы сынып, өпкөсүнө кагылыптыр, көзү чыгып, кулактары үзүлүп, жакшы болбой жатып,

кан кусуп, бул дүйнөдөн өтүптүр. Бул кошунабыз жалаң кышта көгүчкөндөрдү тутуп жечү экен. Аялынын түшүндө көгүчкөндөр сан миң учуп келип, өлгөн күйөөсүнүн оозуна ылай, баткак тыгып жатышыптыр. Коркконго кош көрүнөт болуп, түнү терезенин түбүндө капкара көгүчкөндөр учуп өтүшкөндөрүн көрдүм, – дешип коңшулар бейтынч. Бир күнү түндө шумдуктуу түш көрдү

*Жазгул:*

Таң каларлык түш көрдүм,
Кудай болсо сактасын.
Жазмыш деп жакшы эле,
Кайгы-зарды тартканмын.

Өз уулумду кол менен,
Жатканын экен чалкалап.
Бычак тартып мууздайм,
Агат каны диркиреп.

Сүйлөй албай диртилдеп,
Жалдырай уулум киркиреп.
Чочуп коркуп ойгонсом,
Көргөнүм менин түш экен.

Шашып жарык жандырып,
Көтөрүп уулум алдыма.
Кучактап алып калтырап,
Карадым өңүн жалдырап.

Айрылып жүрөк кетпеди,
Арман ай кандай түш деги.
Калкалаар элем балдарым,
Ажалга тосуп жаш жаным.

Мотоциклчен кошунабыз өлгөндөн кийин коңшулардын арасында имиш-имиш көбөйдү. Экинчи коңшубуздун аялы төрөгөн замат өлдү. Корпустун айланасындагы жашоочулар дагы корко башташты. Бул үйлөрдө чындап духтар, же үйдүн ээлери бар дешти. Кеч күз. Жазгүлдүн баласы көз жумду, төртүнчү коңшу оорулуу аялын алып Өзбекстанга кетти. Бул окуя Сузак районуна караштуу бир айылда болгон... Перенделердин убал-упаты ай!.. Пенделер өз ырыскысына каниет кылбай калганда апаат болот тура...

Анда сенден бакыт кушу учканы,
Түбү тешик ырыскыдан курдум как.
Ит түнөктөп, бит түнөктөп үйүңө,
Учур келсе чалдыбар үй куланат.

Өтөт күндөр кайкалап,
"Байкуштар" – деп жолдон өткөн
табалап.
Намыс менен арга өзүң жөлөтүп,
Ынтымактуу жашоо керек түбөлүк.

## ӨМҮР

Кеч күз учкан турналардай тизилип,
Элестериң сенин өчкөн көзүмдөн.
Шуудураган теректер бүт бой жеткен,
Кара чачка бубактанып ак кирген

Тоо суусундай албуут өмүр табышмак,
Адам кылып, бирде кылат сени акмак.
Жаңы гана кемчилиңди бүтүрсөң
Алат тура бул жалгандан тузактап.

Жаңы сайган мырза терек өңдөнүп,
Балаң арттан өсөт тура бал тилдүү.
Бала багып, тартып жүрүп араба
Кайран өмүр кирет тура күүгүмү

Элиң үчүн эмгектенип даңкталсаң,
Асмандагы жылдызмын де өчпөгөн.
Бейитиңе букет коюп түркүн гүл,
Адам болбос сага таазим этпеген.

Адам болсоң арам тамак, баркың жок,
Киргил суудай тунуй турган түрүң жок.
Көк асмандан учуп өткөн жылдыздай,
Бул ааламдан өткөндүгүң эстээр жок.

## МАКТАЙТ ЭКЕН

Кар жаап, жер тоңуп турса,
Тоңдурган жүрөгүмдү муздан бетер.
Жыландай уусун таштап,
Артыңдан ылай сепкен,
Көрдүм душман.
Агыңды кара деген,
Кайрылган канатыңды,
Түгүнөн сынса - деген.

Көз огун мээлеп турган,
Адашсаң туман жолдо,
Маймылдай бийлеп турган.
Жагылган коломтоңду,
Тутанбай өчсө деген.
Көрдүм душман,
Агымды кара деген.

Коңур жумшак жел болуп,
Саамайыңдан өпкүм бар.

Боюм түзөп бул оорудан,
Моюн сунбай турсамбы?
Карлыгачтай канат күүлөп,
Сени көздөй учсамбы?

Бирок азыр антүүгө,
Ооруп башым айланып.
Абалым жок туруууга,
Жатам жипсиз байланып.

## НУРКАН КОЙЧУМАНОВАГА

Көрүп туруп экрандан жүзүңдү,
Кубанычтан көз жаш жууду бетимди.
Нуркан сенде жок дей албайм кемчилик,
Артынганың элдин жүгү, билинди.

Жоогазындай жайнап турган мезгилиң,
Терең экен тамырың да акылың.
Кудай сага берген экен кош колдоп,
Гүлдөй берсин өнөрүң да, кесибиң.

Сөздүн гүлүн жүрөктөргө тагасың,
Жан-дүйнөнүн баарын буруп аласың.

Алтындарын, алмаздарын сөздөрдүн,
Бар бол, сиңдим! Кайдан терип аласың?

Канча эркек көз нур чачса кызыгып,
Канча айым сөз ашырат тымызын.
Таланттар көп жолугат дейт толкунга,
Кайраттуу бол, жүрөгүңдү оорутпа.

## ТҮГӨЛБАЙ КАЗАКОВГО

Талант – деген көп пендеге берилбейт,
Тукем сенде гүлдөгөнү билинет.
Куюлушкан берметтери сөздөрдүн,
Мейкининде жүрөктөрдүн тизилет.

Татаал ырлар, татаал үндүү кайрыктар,
Салмактанып ташталган кадамдардай.
Жеңил-желпи музыка түшкө кирбейт,
Изденесиз дайыма кирген суудай.

Көптөр сыйлайт, көптөр тыңшайт
ырыңыз,
Насыйкатты ырдаганда күтүүсүз.
Аргымактар кең талаада чабылып,
Кайберендер тыңшагандай үнүңүз.

Урпактан урпакка улам көчүп,
Сыйкырланып ырларга канат бүтүп.
Арыбастан улгайбай жүрө бериң,
Ырлардын каймагын калпып сүзүп.

## МЭЭРИМ КЫЗЫМА

Карагаттай көздөрүң, кара кашың,
Жаш өткөндө жолуккан асыл ташым.
Кудайыма жалынам, кубат кирет,
Сен бар үчүн жаныма миң бир ирээт.

Торобосун душманың, өскүн бийик,
Байыр алсын бакыт куш достук кирип.
Кабак бүркөп көз жашың көрбөйүнчү,
Гүлдүү багың бүлүнтөөр болбосун эч.

Алтын башың аман болсун ар дайым,
Жыттаар гүлүм, кагылайын ардагым.
Жылдар өтсө жалгызмын, – деп кейибе,
Жалгыз гүлдүн аяры көп, кемибе.

## ЖАМАН УУЛ

Жакшылыкты кылган менен билген
жок,
Келинимди, неберемди сыйлайм көп.
Жаман уул жарты кылып көңүлүң,
Жарайт экен, кыскартканга өмүрүң.

Көрүп туруп жакшылыгың ченемсиз,
Териң төгүп бутка турган элеңиз.
Балапаның канатыңда торолгон,
Тартышпаса арабаңды "ким" дейбиз?

Ооруп жатсаң абалың сурабаса,
Бар тапканың чачышса, үзүлгөнүң
улабаса.
Жогу жакшы, керексиз мындай перзент,
Дүйнөдөн четтесең, гөргө тартса.

## ШАХРА ТАЛИПОВАГА

Жоктой кайгы, кабак бүркпөй күлөсүз,
Болсо дагы эч сездирбей жүрөсүз.
Таңкы желдей бир жаралган периште,
Күндөй болуп тегиз тийип турасыз.

Бактылуу болдуңузбу ыр дүйнөдө,
Ак булут түрмөгүндө чабак уруп.

Асманда эркин куштай күүлөп канат,
Эч кимде кайталангыс үнүң созуп.

Кең токойдо сайраган булбул сындуу,
Чоң сахнаны гүлдөтүп коёсуз чын.
Баркыңды билди бекен кыргыз элиң,
Марага чарчабай чуркай бергин!

Ал көр болсо байкабайт, көрөт бирөө,
Таланттарга кечигип болот сүрөө.
Кыр-кырлардан кызгалдак кол
булгасын,
Кыргыздын "Алласы" ырда, гүлдө!

## КАРЫЛЫК АРТТАН КУУСА...

Булбулдун үнүн уксам,
Буулугуп ыйлап турам.
Чытырман токойлордо,
Адаштым жаштыгымдан.

Буттарың баспай алга,
Көздөрүң карайласа.
Жүрөгүң сыздап ооруп,
Коёрго жер таппаса.

Таягын такылдатып,
Карылык арттан кууса.

Сагыныч махабатың,
Жашынмак ойноп турса.

Арманың айткын, айтпа,
Арымың ташта алга.
Кечигип калаарың чын,
Күн булутка жашынса.

## БЕТИМ КЫЗАРАТ

Мен жөнүндө ушак сүйлөнсө,
Турмушума бороон үйлөнсө.
"Ичип кетти", – кызың дегенге,
Ишенбе апа, жалган сөздөргө.

Уулуу тилдер ушак сүйлөсө,
Ар-намысты гөргө сүйрөсө.
Арам жебей чоңойгон кызың,
Баспайт арам жолдорго.

Кыздар жүрсө, тууган дагы боозуган,
Гүл эмесмин, орто жолдо соолуган.
Ойносоң да ойлоп сүйлө ушакчы,
Божомолдоп, ой-кырыңча жоруган.

Алы жетпес, кылган мага кыянат,
Абийирсиздин өз төрүндө уялап.
Элди карап жүрөсүң го сен деле,
Сени көрүп, менин бетим кызарат.

## ЧАГЫЛГАНДАР ӨРТТӨП КОЙДУ

Ак булуттар чогулушуп,
Ар фигура болушат.
Ат болушуп арыш керип,
Көк асманда чабышат.

Кара уулум, карасаң,
Көчмөн кыргыз турмушу.
Эчки, койлор жайгансыйт,
Өркөчүнө төөлөрдүн,
Бала өңөрүп алгансып.

Заматта эле каарданып,
Кара булут аркайып.
Бетин жаап ак булуттун,
Бороон улуп, чаң салып.

Самурайдын кылычындай,
Чагылгандар кыр ашып.
Гүлдөр дагы башын ийип,
Мөндүр жаады жер эзип.

Этегимен тартып уулум,
"Ак булуттар кайда?" – дейт.
Чагылгандар өрттөп койду,
"Кара түтүн, кара, апа кара!" –
дейт.

## БОЗДОП

Сен мен үчүн жаралбасаң,
Жүрөк-боорум жараласаң.
Бакыт менден жүзүн үйрүп,
Сен жолуктуң билбейм кайдан?

Зордоп өзүм курдум турмуш,
Төрөп бердим уул-кыз.
Сүйүү эмес – турмуш күттүм,
Аз өмүрлүк аманатым.

Үмүтсүз жашоо тозок,
Кайратым кетти тозуп.
Урушчаак болуп кеттим,
Жүрөгүм күндө боздоп.

## НОБЕЛЬ

Жакшы сөз ыраа көрбөй,
Тургандар чыртыйышып.
Ала-Тоо бүркүтү, – деп
Турушат тымпыйышып.

Тукумдан кыр издешип,
"Жүргөн", "сүйгөн" дешип.
Өмүргө түн киргенде,
Чыгарып жыйнак, "чыгаан" дешип.



## КӨЗ АЧУУНУН КӨЙГӨЙҮ

*(Сатиралык интермедия)*

**(Окуя бир айылдын четинде өтөт)**

***Мурат: – окуусун таштаган студент.***

***Апасы: – пенсионер аял.***

***Аялы: – үй жумушчусу.***

***Кучукова Бозокөз: – көзү ачык.***

Көөдөнү ачуу чыңырып,
Көзү кызарып,
Окуусун таштап,
Аракка алган чыланып.
Турмушу ураарга,
Туурдугу кулаарга,
Камыры төгүлүп,

Кадыры сынаарга,
Аз калган Мурат.

Жокчулук коёбу?
Кардай элеп,
Жамгырдай себелеп,
Үйүнө кирип келет жөөлөп.

Ажылдап урушкан,
Жок-жоктун айынан күндө.
Башталды кер-мур сөздөр,
Келинде деле айып жок.

Түшкөндөн бери буларга,
Түрдүү кийим кийген жок.
Барчылыкта деле оңолбоптур,
Бар-жогуна чыдап.
Сыр бербей,
Жүргөнсүчү байкуш ток.

Турмушу тарып, болгон жок,
Бир күнү туз жок,
Бир күнү май жок,
Бир күнү нан жок,
Бир күнү чай жок,
Асмандап ашты баалар,
Башталды жок, жана жок.

Башын жөлөп,
Бутун учкаштырып,
Олтурду креслодо Мурат.
Колуна гезит кармап,
Байыштын жолун ойлоп,
Кыялы менен чабыттап учат.

Коммерсант болсом:
Кытайдын чирик товары,
Түрктөрдүн арам тамагы,
Өтпөй турса жалдырап,
Өпкөдөн суук алабы?..
Кыялын бузуп таттуу,
Угулду аялынын
Үнү ачуу:

Гезит окуп керкейбей,
Жогору жакка кат жаз,
Буйдалбастан бат жаз,
Гумжардам керек.
"Жумушсузмун" деп жаз!

Айласы кетип Мурат,
Кагаз калем алып,
Төмөнкүдөй арыз жазат:

Кымбаттуу Арман Арылбасович!
Айылда туубай чебич,
Иттер төлдөштү эгиз.
Чочколор тоодо кыйрашып,
Ондатр арыкта сүзөт,
Адамдарды жыргатып,
Сагызган каргага үйлөнүп,
Уйдан сүт чыкпай,
Кысыр бээден үйрөнүп.

Койлордун баары союлуп,
Калды штаттар жоюлуп.
Чычкандар келемишке кошулуп,
Жатышат, коон-дарбызды,
ашкабакты,
Жана да тал-теректи, элиңизге –
Керекти кемирип.

Кайра куруубу?
Же демократтар клубу,
Иши кылып башталды,
Башаламан жумуш.
Аптапка мышык жылыбас,
Аштыкка жетпей өзөрдүк,
Жөнөтсөңүз "гумпомощь?"

"Эски дос эстен кетпейт,
Жаңы дос айлык бербейт".
Өзүңүздү эле шайлайбыз, –
деп жазып койду Мурат.

Эртеси короз кыйкыра электе туруп,
Аялынан сүйүнчү сурайт Мурат.
Колундагы саатын көрсөтүп,
Жаны калбай кудундайт.
"Мени шайлап койгула" – деп
Мага мына бул алтын –
Саатты берип кетти.
Анан дагы шайлоодон кийин,
Калган жардамын жөнөтөм деди.
Кадимки эле –
Кара каш Арман Арылбасович!

Көрсөң алтын саатты,
Уйку-соодо алмаштырып жатты.
Кекерлүү унчукту аялы:
– Алдагың келет ээ мени,
Алдаганың баягы эле,
Бузук саат эмеспи?
Шалдырай түшүп Мурат,
Түндөгүсү түш экенин туят.
Ой, оо кандай уят!

Кайра жатып диванга,
Көмкөрөсүнөн көзүн жуумп.
Түндөгү кымбат,
Түшүн улантууга,
Аракет кылат.

Ошентип жатканда кыйналып,
Эшик тыкылдатып,
Кадимки өз апасы,
Келип калат.

Жай олтуруп, жайкашат,
Чай ичишип чайкашат.
Сөздөн сөз чыгып,
Түндө көргөн түшүн айтат Мурат.

Көптөн бери үйүндө,
Жумушсуз олтурган баласы,
Түпөйүл болгон апасы.
Жылдызы жайнап жүзүнөн,
Жымыңдай түшөт ичинен.
Жакшы экен түшүң,
Жөлуң болот экен шыдыр.
Айылга болгон дүң,
Күчүктүн сыйкырына –
Көзү ачыгына баралы,
Жоруталы, жүр.

– Келгениңердин себебин,
Ийне-жибине чейин,
Айта бергиле, –
Периштелер угуп турат, –
дейт баягы аял.
Менден чоочуп,
Учуп кетпегей эле периштелер,
Элеңдеп, айланасын карайт Мурат.

Оозунан түшүп келмеси,
Сөз айта албай жалдырап,
Туруп калат энеси.
Өкүм сүрөт жымжырттык:
– Кудайдын элчилери,
Күтүп турат силерди!
Чыдамы кеткен көзү ачык,
Столду тарс муштады!
Чоочуп кетти апасы,
Түндөгү ажайып,
Түштөн баштады.

"– Алтын саат тагыптыр,
Ажобуз" – деп мактанды.
Айткандарын угуп тактап,
Адеп сактап,
Теспелерин шыгыратып,
Көзгө көрүнбөгөн –

Сыйкыр менен сүйлөшкөнсүдү.
Оң жагына, сол жагына карап,
Күбүрөндү.
Анан башын көтөрүп,
Түшүн жоруй баштады.
Күңгүрөнүп,
Тамагын жасап,
Эки жагын карап,
Сөз баштады минтип:

Жакшы түш –
Көрүптүр балаңыз.
Сыйкыр баба –
Үйүңүздү аралаптыр.
Качыптыр балээңиз,
Балаңыздын башын –
Эки кылыптыр бабабыз,
Жакшы жерден келин аласыз!

Ток ургандай селт этет Мурат.
Кулагым эмнени угуп турат?!
Көзү ачык сөзүн улап,
Уулуңуз кызматка –
Көтөрүлгөнү турат.
Жол-жобосун кыласыңар,
Жумшак креслого,
Олтуруп калат.

Күзгүгө каранып,
Оозун боёп,
Көзүн кысат.

Диплом жок баягы,
Кандай болот кызым биягы?
Сөзгө аралашат апасы:

*Көзү ачык:*
– Келесоо эмессизби?
Биздики кызмат эмеспи?!
Көзүн ачам балаңдын.
Кирген суудай шаркырап,
Кубанып кетти апасы.

"– Башы көп ооруйт баламдын,
Ичкиликти таштатып,
Дубалап койчу каралдым?"
Эңкейип колунан өбөт.
Жибий түшкөн көзү ачык:
– Оорубай жүрөт бекен пенде деген,
Мен деле аял элем "өлөт" деген.
Былжырак болот экен дарыгериң,
Калбады дары-дармек мен ичпеген.
Көзүмө көрүнбөйсүң, көрсөм эле,
Бутуңа жыгылайын Алла-Таала.

Өлүмдүн суук ырайын көрсөтпөчү,
Балдарым чыркырашат өчүрбөчү.
Жарымы ачыла элек гүл элем мен,
Тамырдан жулуп алып соолутпачы.
Жалынып Алла-Таалам,
Өмүр берсең?
Жалдырап шыпты тиктеп,
Уктап кетсем,
Түш көрөм –
Терезем ачык экен.

Карап турсам,
Каалгып учуп келип,
Кадимки Ай,
Ийилип колун сунуп,
Салам берет.
– "Сен кайра жаралдың,
Алла буйруп.
Өзүңчө даага олтургун,
Таза жуунуп.
Дүйнөдө бардык тилди шар
сүйлөйсүң,
Алланын улуулугун сыйлай жүргүн,
Калганын периштелер айтып берет."
Кол булгап,
Келген жакка жылып кетет.

Ойгонуп түшүм айттым
Жолдошума,
Кампада кароол эле ал байкушум.
Шашыла үйдү жыйнап,
Даарат алып,
Сыйынып кудайыма
Намаз тартып,
Олтуруп калдым.
"Даага" өзүм жалгыз,
Оо, Кудай Алла амирин,
Көрбөйсүңбү?
Заматта караңгы үйүм
Болду жарык.

Күн сулуу пери кыздар келип калып,
Карыган бабаларым дагы
Келди.
Сакалын эшик төргө
Чубалантып,
Үр жигит колтугуман
Кыткылашып,
Үр кыздар, көз пардасын
Кырат ачып.
Ошентип жети түнүм
Өтүп кетти.
Пери ырдап,

Периштелер кошо жатып.
Уруксаты боюнча Алла-Таала
Сегизинчи түнү чыктым,
Жарыктыкка.
Кара көз жакшылыкты
Билбейт пенде.
Чакырып коңшуларды
Сыйлап төргө,
Көргөздүм, Алла берген сыйкырымды.

Жаңылбай таптым,
Ашказан, жүрөк, кулактарын,
Айттым жеген тамактарын.
Жакшы-жаман жашашканын,
Бай-томаяк, тургандарын.
Шылдыңдап каткырышып күлөт дагы,
"Сен бизди билбейт белең
Койчу ары",
Бабалар айткандарын айттым, – десем
Көрсөтчү бабаларың кандай экен?
Койгонум талап-булап, тоюп алып,
Шорума шорпо төктү кокуйлатып.

"Жалган, алдайт", – деп көрө албастар,
Айылдан бир да адам бастырбады.
Күн ыйладым, түн ыйладым шолоктоп,

Арыз-муңум айтып Алла-Таалага.
Жооп келди бир түштө,
Кулагыма угулду шак
Мындай сөздөр:

– Жашыңды сүрт,
Бол кайраттуу!
Беребиз сага сүрдү,
Жүзүң жайнап жүрчү.
Жазып ил
Булуң-бурчка,
Кулактандыруу.
Асфальттарга төшөп ташта,
Келбегенин көрөйүн.
Келбей коюшса,
Анан азабын берейин, – дейт.
Алланын амири менен
Төмөнкүдөй,
Кулактандыруу илинди –
Кулактандыруу!

– Мен сыйкырлардын сыйкыры,
Укмуштардын укмушу,
Көзү ачыктардын жол башы,
Төл башы,
Төмөндөгү ооруларды
Айыктырам:

– Сакоолорду сүйлөтөм,
Макоолорду түзөтөм.
Укпагандарды угузам,
Көрлөрдү көргөзөм,
Уктаганды ойготом,
Күлбөгөндү күлгүзөм,
Сүйбөгөндөрдү сүйгүзөм,
Тийбегенди тийгизем,
Сууп калганды ысытам,
Ысып калганды муздатам.
Тактыңды көрөм,
Бактыңды көрөм,
Бутуңдан башыңды,
Башыңдан бутуңду көрөм,
Айыкпаган ооруларды айыктырам.

*Менин дарегим:*
Ок-Жеген айылы,
Үчүнчү колот,
Элдин баары билет,
**Күчүкова Бозокөзгө!** – дегиле.

Кудай жалгап,
Казаным майлап,
Ай, жылдыз колдоп,
Ыр да жаздым,

Чаңдатып үйүн жыйнатып,
Терезе парда тарттырып,
Олтуруп калды Мурат,
Караңгы үйдө ичип жуурат.
Баягы көзү ачык айткандар,
Шаан-шөкөт кургандар,
Үйдү жарык кылгандар,
Жандап кошо жаткандар,
Качан келээр экен, – деп
Түн жарымы болгончо,
Күттү Мурат.

Ары-бери басат,
Уйкусу качат.
Ай көтөрүлүп калганда,
Айласы түгөнүп,
Кай жеримден жаздым, – деп
Айланасын абайлап карап,
Жатууга кам урат.
Папиростун кумары тутуп,
Олтуруп калат.

Мына бу шумдук,
Жанында карайган –
Зоңкойгон нерсе олтурат.
Жүрөгү оозуна тыгылып:

Ээ, келген турбайбы!
Кудай мени урганбы?
Саламдашпай –
Таарынтып албайын, – деп
Ордунан обдулуп турат
Кичи пейил немеби, ал да турат.
Сүйлөсө сүйлөбөйт,
Басса басат, турса турат.
Жүрөгү түшкөнү калып Мурат,
Эшикке качып чыгат.

Чочуп кетет –
Таттуу ойдо балкып жаткан энеси:
– Эй балам!
Эмнени көрүп турам?..
Эч ким менен сүйлөшпө,
Эшикке чыкпа,
Дебеди беле, саган.

*Апасына корголой:*
– Кагылайын апа!
Коркуп жатам...
Карайган неме ээрчип алды,
Салам берсем алик албайт,
Турсам турат, бассам басат.
Бир балээси ээрчиди,

Ыйламсырап жалдырайт Мурат.
Соо коё турган эмес мени,
Айланасына карап –
Аялына кыйкырат:
– Эй катын, жаныма жат!
Коркуп жатам, бас! – кыйкырат.
Ыргып туруп жаагын басты апасы:
– Кокуй, жинди болгон немеби?
Бул кылыгыңды билет,
Угасың анан жемени.
– Жылан болуп ышкырат,
Чымчык болуп сайрайт,
Дөө болуп карайт,
Сенин эркиңди сынайт.
Сыйкырлайт балам,
Чыдай гой кулунум,
Экзамениңди энтеңдебей –
Кулабай тапшыргын балам,
Уятка калам –
Сылап-сыйпап жаткырат апасы.

Мышыктан корккон –
Чычкандай жөрмөлөп,
Ордуна келет Мурат.
Эч нерсени көрбөй-укпай,
Көрпөгө башын чулгай,

Боргулданып тердеп,
Жаны чыгып коркуп,
Селт этип чочуп,
Араң зорго уктайт.
Эртеси күн жайылганда,
Жанчып койгондой,
Онтоп, оозуна учук чыгып,
Шагы сынып ойгонот Мурат.

Азап менен үч күн жатты,
Көрүнбөдү эч нерсе.
Төртүнчү күнү –
Урушту аны периште:
"Көңүл койбой,
Жазбайсың го эч нерсе.
Түшүндө көрүнгөндү көзүңө,
Эч калтырбай,
Сактай көргүн эсиңе!"
Убара кыла бербей элчибизди,
Көргөндү көргөндөй жаз,
Жаздым кетпе!

Наалып, бешенесин сөгүп каргап,
Кудайым менде не жазык?
Койдуң го жарга кыстарып!
Колдоп коюң суранам?..
Кобурайт Мурат үн салып.

Алладан айла болдубу?
Өзгөрүп, өзөк тоңдубу.
Кол куушуруп, бойтоңдоп,
Шимшилеп кирди бир чычкан,
Кадимки эле үй чычкан.
Көрө коюп чычканды,
– Чычкан кирди, – деп жазды.
Таш түшсө баш жарат да, жооп келди *заматта:*
– Акмаксыңбы, жашсыңбы?
Жакшылап тосуп алгының,
Тамак-аш белен салгының,
"Чычкан" эмес ал сенин,
Бабаң болот, – деп келди.
Жарылып кетпей "тарс" этип,
Күлө албай "карс" этип,
Урбады да куубады,
Чычканды Мурат сыйлады.

Эртесинде түнүндө,
Жолборс кирди түшүнө.
Жобуратып жомокту,
Жооп келди үйүнө:
– Айбанаттар падышасы,
Кирип калса түшүңө.
Байлык, бакыт, сүр берет,

Келген тура үйүңө,
Бабалардын башчысы.
Түш жоруган акымды,
Чыгарбай эстен сала көр.
Түшүңдө жана өңүңдө,
Көргөнүңдү жаза бер! –
– Саламым менен Бозокөз,
Жан эргитет жакшы сөз.

Жабыркаган жүрөгү,
Жайнай түштү Мураттын.
Бүдөмүк ойлор жоголуп,
Бушүркөө качты кичине.
Ишене түштү келечек,
Кыла турган ишине.
Ошол кезде чаркылдап,
Чымчык конду терезе.
Учурду ал коротпой,
Кошо жазды дептерге.
Таң калаарлык кызык иш,
Кайдан кирген белгисиз.
Эки көзүн тостойтуп,
Бака жүрөт секирип,
"Бере турган кулуна
Белек кылат жолуна".

Кадимкидей түнүндө,
Карышкыр улуйт түшүндө.
Көргөнүн жазып төкпөстөн,
Жөнөттү Мурат жорушка.

Жооп келди момундай:
– Буйруган тагдыр ушундай,
Чырылдап келген чымчыкты –
Кызыр Бабам деп билгин.
Бака жүрсө секирип,
Байлык кирет бекинип,
Байлык Бабам деп билгин.
Карышкыр түштө улуса –
Ырыс Бабам деп билгин.
Ынтымак кирип үйүңө,
Кас душманың баш уруп,
Келет экен бүгүлө.

– Алла-Таала жолуна,
Атаган коюң сой үкам.
Эртеңки күнү таң азан,
Кадимки даадан тургузам!
– Саламым менен:
**Бозокөз.**

## ЖҮДӨГӨН БЕЙИТ БОЛДУҢБУ?

*(Казак радиосун угуп)*

Күн уялап жүзүңө,
Карагат бышып көзүңө.
Кундуздай болгон кара чач,
Жарашып калтар боюңа.

Оймоктой болгон оозуңа,
Күмүштөй тиштер жарашкан.
Кирпиктериң кайкалап,
Көргөндө өзгө караткан.

Карлыгачтай кашыңа,
Жигиттер ашык болушкан.
Кызарып бышса кош алмаң,
Кылгырып Сырым ооруган.

Акын Сырым кара көз,
Махабаттын кулу элең.
Каргаша көзү оюлса,
Жанаша өсөөр гүл элең.

Күн нурун жүзүң уялткан,
Күйүттүү болдуң Кара көз.
Алтын, күмүш байлыкка,
Байлап берди тууганың.

Комуз алса колуна,
Арман күүлөр сыбызгы.
Көнөктөп жааган жамгырлар,
Кара көз Сырым ыйыбы.

Ай чыкпаган кара түн,
Сырым аза күттүңбү?
Ай чыкканда гүл терип,
Кара көз жолго чыктыңбы?

Ээн талаа жалгыздап,
Армандуу күлкү чачтыңбы?
Ойго-тоого жүгүрүп,
Кийимиң дал-дал жырттыңбы?

Адашып калып акылдан,
"Байкуш жинди" – дедиңби?
Керилип марал жүрө албай,
Жүдөгөн бейит болдуңбу.

Канча турна кетти келбес жолуна,
Кайберендей тийген ажал огуна.
Көздөрүнөн жаш ордуна кан акты,
Зомбулук залым доорунда.

## СУКЕҢ ЖАНА МЕН

*(Акыйнек)*

Сукең чыкты дардайып,
Кебетеси карт жорудай далдайып.
Эпсиз го эки бети,
Жымшык көзү,
Жанаша олтуруудан коркот көбү.

Мактанчаак, дөдөй,
Сүйлөп жатты –
Ойлобой эпсиз сөзү:
– Кыз деген эккен буудай,
Жыйган саман.
Байлыгына чиренип катын алган,
Акыйкатты иргебес болсо заман.
Атаганат, арман дүйнө,
Он аялга эрке болсом эмине?
**Анда мен:** Байлар өткөн
Эстеп көрсөң,
Бай болгондо кулак болуп,
Жыргал күнүң сурак болуп,
Кайран башың куурамак.

**Анда сен:** Өмүр кыска бир үзүм,
Жыргап өтсөм сайрандап.

Бала бакпай,
Жем топтобой,
Азап-түйшүк жолобой.
Каалаганды уйпалаган,
Доорун сүрүп махабаттын.
Койкоңдогон, кооз жүндүү –
Короз болсом эмне?

**Анда мен:** Жаңгактай мээ жок башта,
Короз болсоң койкоңдогон,
Коштогондор мекияндар.
Тыңдуусунуп корсоңдогон,
Аз күн жүрүп дуулдаган.
Жыл айланбай болоруң чын куурдак.
Кызы жок, көлүң көрксүз балыгы жок,
Ал сенин эжең, сиңдиң, жатындашың.
Көрсөң аны саман, чөптөй –
Бир күнү көзүңө түшөөр, калдың
көрбөй.

## САЛАМ, ЖАЗЫМ!

Байчечекей баш бакса,
Жер тамырлап суу акса.
Жылдыз гүлдөп, асман толуп,
Ай кубанып жай басса.

Тунук суулар тынбай акса,
Өмүр аны кубаласа.
Гүл ачылып, аары конуп,
Булбул сайрап жан тынбаса.

Күн кызарып, күлүп батса,
Шоокум салып таңдар атса.
Кыз-жигиттер кыналышып,
Гүлдүү бакта сырдашса.

Саздуу жерде, балыр жайып,
Кашка бака сайраса.
Там-туң баскан наристелер,
Жаз нуруна жайкалса.

Эрке жаның,
Эрте турса,
Боюн жазып чуркаса.
Жан-жаныбар төлдөсө,
Айлана көркко бөлөнсө.
Тамырыңда ысык каның,
Жаны калбай бийлесе.

Дүк-дүк согуп жүрөктөр,
Амандыгың тилесе.
Өчөр шамың күйгүзүп,
Жаңы үмүткө үндөсө.

Кимдер ийбейт сага башын,
Күн жылмайып кылат таазим.

Жалган дүйнө жаннатты,
Бороон уруп жолдоруңду,
Калың карлап тоспосун!
Кечикпей кел, кечикпе?
Салам жазым, жан досум!

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КААЛОО

Өлөкөм менин бай болсо,
Тунук асман таң болсо.
Шаркыраган шаң менен,
Ак куу, турна мол болсо.
Мылтыктын үнү угулбай,
Сай боюнда тизилип,
Каз, өрдөгү көп болсо.
Аркар кулжа, элигиң,
Аска-зоодо көп болсо.
Ашык болгон аларга,
Аңчыларың жок болсо.
Ар төрүңдүн баарында,
Жан-жаныбар ойносо.
Балыр түктө жойлогон,
Балыктарың көп болсо.
Чөп тамырын чукуган,

Доңуздарың көп болсо.
Күндөп-түндөп пайлаган,
Доңуздарды жайлаган,
Браконьерлер жок болсо.

Элиме калканч көп болсо,
Алтыныңды талатпай,
Арманың такыр жок болсо.
Ыпластык жоголуп,
Байлык, бакыт колдосо.
Кыргыз деген кымбатым,
Өнүп, өскөн эл болсо.
Тегиз тийген күнүндөй,
Улугуң калыс жан болсо.
Болсо такыр түгөнбөйт,
Ишке аша турган ой болсо.
Жолборс жылдын башында,
Айтылды ушул каалоо.





Автор Жумакан Калилова
Жаштык



Жумакан Калиева бир тууган иниси
Заирбек менен



Келини Бактыгүл, небереси Өмүрбек.



Уулу Сүйүнбек менен келини Бактыгүлдүн үйлөнүү үлпөтүндө.



Автор үй-бүлөсү менен.



Автордун атасы Мамашарип карыя жана апасы Пазилат эне неберелери менен.

## КӨК-ЖАҢГАК ШААРДЫН АРМАНЫ

Шахтёрлор шаары элем,
Көздөр тойбой суктанган.
Арзан жашоо жыргалы элем,
Москвадан үн салган.

Башка жерге шамал жүрсө,
Мени аралап шум куюн.
Бомба түшпөй "бомбаландым",
Бузуу оңой, куруу кыйын.

Ойго албай шылуундарым,
Гүлдүү шагым талкаладың.
Жүлүнүмдү жулуп таштап,
Жүрөгүмө колуң салдың.

Коюнумда ойноп жарандарым,
Киндик кескен арамдарым.
Тартынбастан тарп калтырып,
Келечегим балталаштың.

Кара алтынга коюн толо,
Тепловоз үнү жаңырган.
Эңсеп турам сагынып,
Үн жок, шаар жаңырткан.

Көк-Жаңгакка көңүл бөлгөн,
Чыкпаса эгер эр жигит.
Араң соккон тамырлар,
Кан жүрө албай токтомок.

Кара алтындар жер алдында,
Чокуланып, чабылып.
Канча өмүрлөр калды аргасыз,
Кара күчкө багынып.

## АЛКАШ ЧАЛДЫН АРМАНЫ

*Алкаш чал айтат бүгүн армандарын,*
*Алкымдан бууган муң-зарларын.*
*Жакшылап кулак салып угуп алың:*

Айыпты коё бербей уул-кызга,
Карылар үйүндөгү кээ адамдар,
Адамдык касиеттерди бийик тутса,
Карылык доор сүрөөр болсо тутка.

Аракка бала кезден жакын болдум,
Коштошо албай карыганда кор болдум.
Туруктуу бир орунда иштебедим,
Тапканым, арак оозун тиштегеним.

Үйүмө басып келбей, жатып келип,
Келиниме, кызыма карабастан,
Ирик ооздон, чирик сөз атып келип,
Кемпиримдин бекиткен буюмдарын,
Алмаштырып аракка сатып келип,
"Похмель" кылып алкымга атып
келдим.
Баланы бактым десем жаңылышам,
Жаштыгым аракка алмаштыргам.

Байкуштар,
Жаман самтыр кийип алып,
Колунда барга жүргөн койчу болуп.
Теңчилик заман болгон менен,
Аталык мээрим менде болгон эмес.

Эптеп-септеп –
Балдарым чоңоюшту,
Оңол ата, оңол! – деп,
Кабак бүркөп.
Кемпир каргайт,
Кыздарым жулмалашат,
Уулум урат кубалап,
Өздөрү тузакталат.
Табабыз канат, каткырабыз,
Жаңы алаар келиндин урматына,
Аянбастан граммдан аттырабыз.

Жаңы келин келди, койдойбуз,
Эки, үч айдан кийин кордойбуз.
Кайдан билсин жаңы келин,
Өзүм арсыз, сөзүм жансыз экенин.
"Кайната" – деп сый көрсөттү,
жүгүндү.
Таңда туруп күл менен чыгып жүрдү.
А бирок, бетке чабаар тикен тили,
Аны да жөн койбодук, ушактадык.

Ооруса кесел дедим, бечел дедим,
Төрөбөс болот али көрөөрсүңөр,
Ошондуктан кармаганы таза дедим.
Дей бердим божомолдоп,
Ушак уусун төгө бердим,
Күндөштөй кемпириме кошулуп,
Жемелештим.

Ушагым төкпөй-чачпай
Жеткен келин,
Сөөктөн чучугуна өткөн келин,
Бетке айтып сайрап турду,
Кудайым эми бизди анык урду.

Эх, кайната арак менен дос болуп,
Кадырыңды,
Өсөөрүңдү,

Намысыңды,
Байлыгыңды,
Арак менен жуупсуң чайлыгыңды.
14–15 жаштагы кыздарыңды,
Аракка сатыптырсың,
Күнүмдүккө күлүк минип,
Чардаптырсың.

Балдарды жакшылап бакмак кайда,
Ар кимге кулдай жумшап,
Жалдатыпсыз.
Уулдарды эки, үч сыйра үйлөптүрсүз,
Турмуш менен жаш баладай
ойноптурсуз.

Айыбын ар бир адам сезген жакшы –
Пенсия албаптырсыз,
Эт менен челде жашап,
Курттай болуп –
Адамдык ар-намысты
Кордоптурсуз.
Кошкула, мал сыяктуу
Жетеленген,
Турмуштун жыргалдарын
Көрбөссүңөр,
Аракка, ушакчыга туткун болуп

Жанбастан бышкып,
Түтөп өтөсүңөр, –
Деди да үйдөн шарт
Чыгып кетти.

Кой-айга көнбөй артынан уулум кетти,
Ошентип орду-очогун
Жагып алды.
Балдарым ар-ар жерде
Жашап калды.
Толбогон арман болду
Көөдөнүмдө,
Жашында мээрим төгүп карабасам,
Балдарым карабайт, – деп
Кантип айтам.
Же сынык кашык бербей,
Небере жыт искебей,
Көрө албай жаасын октоп,
Бактуу шаар болгондорун,
Укканда жалбырттайт от.

## ӨЛҮМ ДЕГЕН

Жанында жан сакчыңдай ээрчип
күн-түн,
Артында кара түтүн, караңгы түн.
Күндүзү жүргөнсүшөт көлөкөлөп,
Өлүм – бул сырдуу түйүн чечиле элек.

Биз кимбиз? Кайдан келдим? Кайда
барам?
Олтурам чочуп кетем уктагандай.
Түгү жок бул суроого жооп таппай,
Балыктай суу жээгинде тумчуккандай.

Улут-улут, уруу-уруу,
Топтолуп чабышкандай.
Ушакчылар айылда кабышкандай,
Өмүр белек бербейт тура,
Озгон озуп кетпейт тура,
Кан жыттанган кара кийген,
Өлүм кезек күтпөйт тура.

Өлүм бул каргашалуу добул экен,
Гүл кезинде, бүр кезинде жолуккан.
Ажыдаардай жети баштуу,
Оң келгенди соолуткан.

Бир кылчайып каратпаган артыңа,
Жолдошуңа, там-туң баскан балаңа.
Кара кундуз чачыңды төгүп жерге,
Чычкандарга, жыланга салат жемге.
Атың угуп, сыйлагандар жаш төгөт,
Өлүм деген калыстык кылган кимге?

## КОЙГУЛА

Жер ойгонду уйкудан,
Жашыл көйнөк кулпунган.
Келгин куш келип сайрады,
Уулумдун окшойт арбагы.

Келген күнүң май эле,
Жүрөгүм сыздайт дагы эле.
Ай жүздүү назик кулунум,
Тилегим сага ак эле.

Май айы, гүлдөр ачылды,
Бирок, тез соолуп гүлүн жашырды.
Төгүлүп көктөн жамгырлар,
Кусалык болуп агылды.

Томпойгон мүрзөң жанында,
Армандуу апаң ыр курайт.
Өзөгүнө өрт кетип,

Эзилип жүрөк ачышып,
Чагылган коштоп чыркырайт.

Келгин куш карап катарын,
Гүлдөрдүн издеп арасын.
Каймана жазга көңүлсүз,
Апакең төгөт көз жашын.

Каргаша тийип кайгырдым,
Кире албай гөргө айрылдым.
Түшүнбөйм, кандай таш жүрөк,
Тирүүлөй таштайт баласын.

Аттиң ай "кой", – деп койгула!
Энеңи, атаңы кукук жойгула.
Бал тилдүү балдар айыпсыз,
Кадырын билип койгула.

Кош Нурбегим, арманым,
Ырымды сага арнадым.
Жаз гүлдөн жасап бир букет,
Мүрзөңө коюп кайтаармын.

## КОШ, НАРИСТЕМ!..

Жан талаша жалдырадың,
Жардам күттүң энеңден.
Мен да сендей алсыз пенде,
Колдон келбес эч нерсе.

Караңгыда жарык кылган,
Менин шам чырагым.
Өчпөсө деп сенин нуруң,
Тилеп турам кудайдан.

Алсыз канат көпөлөктөй,
Боюм урам жалынга.
Жан боорумдан жаралганым,
Таба албадым эч арга.

Ак халатын сыйлабаган,
Таш жүрөктү ылгабай.
Пара бердим тапканымды,
"Калаармын" – деп ыйлабай.

Карагаттай алаң көзүм,
Көзүң сенин жумулган.
Мамык болсун, боз турпагың,
Көз жашыма жуурулган.

Канаты сынып кайрылган,
Ак куу болдум армандуу.
Элесиңди унута албай,
Жаштуу болдум каралдым.

Асмандагы үч жылдызым,
Экөө калган, бирөө жок.
Атың атап боздосом да,
Келе турган түрүң жок.

Кош наристем, жашоо болсо улаарсың,
Жаннаттардын гүлү болуп тураарсың.
Күндөр бүтүп, кайтыш болуп калганда,
Алдыбыздан булбул болуп чыгаарсың...

## АРБАГЫ МЕНЕН СҮЙЛӨШТҮМ

Көпкө түшкө сен кирбей,
Элесиң келди, төргө өтпөй.
Босого бойлоп жер тиктеп,
Сурайсың: "Журтта ким бар?" – деп.

Чый-пыйым чыгып чырылдап,
"Төргө өт", – десем болбодуң.
"Шашылышмын, кетем", – деп,
"Чай ич", – десем көнбөдүң.

Мага арнаган ырыңды,
Окуюн деп мен келдим.
Жаза бербе көп кошок,
"Апам ыйлайт", – деп күлдүң.

Тамганын баарын унуткам,
Окуп берсең мен угам.
Албадың колго ырымды,
Азган жүзүң кубулду.

Көңүлүмдүн карасын,
Жүрөгүмдүн жарасын.
Арманга толгон ырымды,
Окуюн анда уга көр.

Жамандын көзү чок беле?
Аркарга тийген ок беле?
Үйүрдөн такыр бөлүндү,
Кайрылаар жолу жок беле?

Ак барчын көрдүм булуттан,
Канатын күүлөп буулуккан.
Үндөсөм конбой тууруна,
Айылын такыр унуткан.

Суроо берем туңгуюк,
Жүрөктө калды кан уюп.

Күнөөлүүнү таба албайм,
Ыр жазып турам кан жутуп.

Кут конгон жерде ким калды?
Белге чыккан чөп калды,
Алма-жаңгак көп калды.
Кооз жайлоого күн чыкса,
Сүрдүү, сырдуу ай чыкса,
Көйкөлүп өскөн камыштап,
Көпчүлүк жүргөн аңыздап,
Боздогон тайлак ботосу,
Жазында коштоп бакасы,
Симфония ойногон,
Түгү жок Кара-Көл калды,
Жакшы жаман эл калды,
Кайнатаңдын төрүнө,
Кадырлуу бараар жол калды.
Гүл буруктай Гүлбарчын.
Сутактай сайрап ал калды.
Ак калпактуу көрүнсө,
Карааның издеп чуркаган,
Жанарбек уулуң жаш калды.
Атасын көрүп ар кимдин,
Канатың тураар кайгырып,
Мөлтүрөп көздөн шуудурум,
Тагдыр салса арга жок,

Күрөң атты камчылап,
Куйүтүн ичке жашырат.
Жибектей үнүн созо албай,
Медербек укаң жаш сыгат.
Шам чырак өчтү, тутанбай,
Бир бооруң деген ал кандай.
Дүрмөттүү ойго термелип,
Түйшүктөр ага кез келип,
Жигиттик баркын жоготпой,
Жаныбек чынар терегиң,
Жүрөктөн ыйлайт шолоктоп.
Буталбай жазган ырымды,
Бүшүркөп сага карасам,
Кут болсун, алган үйүң! - деп,
Куш болуп учтуң заматта.

Ишенбей көргөн түшүмө,
Шолоктоп ыйлап мен калдым.
Жоогазын гүлдөй соолуган,
Бей таалай иним өзүңө.

## УЛУУ АКЫН – АЛЫКУЛ

Ай толгон түндө үңкүйүп,
Ысык-Көлгө сыр айтып.
Ак булут көчсө ыр айтып,
Азаптуу күнүн бүт айтып.
Ак жамгыр жааса төгүлүп,
Жүрөктө турчу сел жүрүп.

Кууураган жалгыз дарактай,
Куу кесел барган тез мүлжүп.
Нукура алтын байкалбай,
Дос-тууган аны барк албай,
"Илмейген акын сөрөй", – деп,
Артынан шылдың сөз кылган,
Жибекти барксыз бөз кылган.

Ак баракка сыр айткан,
Баштан өткөн чынды айткан.
Махабаттан сыйы жок,
Арманда өчкөн шамды айткан.
Айсыз түндөй караңгы,
Арманга толгон күүнү айткан.
Улуу акын – Алыкул,
Кайталангыс түр болгон,
Бир ачылган гүл болгон.

Төгүлгөн нөшөр ыр болгон,
Деңизге куюлган көл болгон,
Тирүүсүндө бааланбай,
Акынга өлүм өч болгон.

## ТОҢУП ТУРАМ

Күлгүндөй жаш чагыңда,
Күйүткө жанды салып,
Кайрылып коно албадың,
Эшигиң калды ачык.

Артыңда кыздарыңа,
Тер төккөн үйүң калды.
Урушпай бөлүп алаар,
Аздыр-көп жүгүм калды.

Сен баскан жерлериңде,
Көк түтүн болуп турам.
Жүрөгүм музга айланып,
Чыйрыгып, тоңуп турам.

## КАЙРАН ӨЛҮМ

Кайран өлүм, караңгыда үңүлбө!
Максатыма жете элекмин,
Жең-билегиң түрүнбө.
Черте бербе терезември,
Тынчтык берчи сен бизге.

Акын болуп, дөөлөт ташып,
Неберелер, чөбөрөлөр гүлүн ачып,
Ой-тилегим ишке ашып,
Жаш сексенден өткөндө бурул үйгө.
Ак төө кардын жарган кезде,
Кут береке төгүлүп,
Көздөрүңө тике карайм,
Кел ошондо үйүмө...

## КУЛ БОЛГОН

Олтурганда жалгызсырап,
Көрүндүң сен айга окшоп.
Жүрөк сезип жакындыгың,
Согуп турду "дүк-дүк" деп.

Айланада эч ким билбей,
Тартылганым өзүңө.
Сезим нуру жаап турду,
Жалгыз сенин жүзүңө.

Оо, тар дүйнө кеткениңде чөгөлөп,
Көчкү алып, бийиктигим түз болгон.
Өмүр бою унутулбай келаткан,
Сүйүүлөргө канча пенде кул болгон.

## ЖАШТЫК КЕЗ

Улуу тоодон ышкырган,
Улар болдуң жаштык кез.
Көз жазгырып заматта,
Туман болдуң жаштык кез.

Шаркыраган деңиздин,
Шары болдуң жаштык кез.
Ак булутка жашынган,
Пери болдуң жаштык кез.

Канаты талбай кайкыган,
Карлыгач белең жаштык кез.
Кый-кыйлап учкан топ болуп,
Турна бир белең жаштык кез.

Ачышат жүрөк, айлам жок,
Ажырап сенден жаштык кез.
Абайлап артым карасам,
Уул-кызым жетелеп,
Келатасың жаштык кез.

Кылгырып жашым тамчылап,
Эстесем жүрөк ачышат.
Кылчайып жаштык кетейин,
Сезимде эңсөө жашынат.

Ак бантик тагып чачыма,
Аптыгып жүрөк ашыга.
Келгенмин бакыт бешигим,
Ачууга билим эшигин.

Окудук, күлдүк шарактап,
Алтындай күндү барактап.
Убакыт өттү закымдап,
Он жылдык бизди такымдап.

Тескейде өскөн ышкындай,
Тез эле бойго жеттик биз.
Классташ кымбат курбулар,
Коштошоор күнгө жеттик биз.

Кыр-кырга өскөн кымыздык,
Кыдырып үзүп жедик биз.
Кымбатым агай, эжейди,
Кыялбай жашып кеттик биз.

Турмуштун сырдуу түйүнүн,
Курдаштар кандай чечтик биз.

Туйгуну болуп турмуштун,
Туш-тарапка кеттик биз.

Мингениң тулпар миндиңер,
Кесипке түрдүү жеттиңер.
Ардактуу, барктуу, кымбаттуу,
Мырза, айым болуп кеттиңер.

Кымбаты болуп баланын,
Кыйбасы болуп атанын.
Саябан бактуу көлөкө,
Бөлдуңар мээрбан энеке.

## ЖҮРӨКТҮН КАРГАЙБАСЫ

Турпатың туйгунум ай, көксөп турса,
Көз караш жүрөгүмдү өрттөп турса.
Кул болуп табышмактуу бул сүйүүгө,
Эриндер бирин-бири жоктоп турса.

Асманда учса куштар кагып канат,
Шамалга булут жылса өйдө чубап.
Сен дагы карагандай ушул учур,
Жүрөгүм билбейм неге булкуп алат.

"Мен сенсиз жашай албайм" – дечү
элең го,
Турмуштун толкунуна аралаштың.

Унуттуң, канча жылдар өттү мына,
Кат жазып, алым сурап коё албадың.

Биле албайм, канча бала көрдүң берен,
Небере жытын искеп көндүң бекен?
Алоолоп, сен өрттөгөн оорум күчөп,
Жүрөктүн картайбасы жаман экен.

## КАДЫРЫҢДЫ БИЛБЕПТИРМИН СЕКЕТИМ

Күйөө жанчы болуп келдим,
Жашы улгайган досума.
Белгисиз күч тартты мени,
Сен жашаган айылга.

Ак мончоктой келин, кыздын,
Арасында жүрүпсүң.
Жүзүң жылуу, көзүң жайнап,
Бирок... кыйын азыпсың.

Көзүм жаштап, кусалыкка муунуп,
Кучак жайып баргым келди жүгүрүп.
Мурдагыдай жылуу-жумшак карабай,
"Жолобо!" – деп урушкансыйт мени Ай.

Баш айланып, жер көчүп,
Сага жетүү кыйын болду мен үчүн.

Папиросту кайра-кайра түтөтүп,
Карай бердим, "көрөбү" – деп сени улам.

Бир кездеги көгүчкөнүм колдогу,
Барктабастан, бапестебей учурган.
Кадырыңды билбептирмин секетим,
Ай кучактап, Күн кучактап уктаган.

## ЖИГИТТИН КАТЫ

Перидей жомоктогу көрүнөсүң,
Асмандын жылдызындай бөлүнөсүң.
Карааның көрүнбөсө айлам кетет,
Сыртыңдан ашык болдум, эмне дейсиң.

Сүйүүдөн курап алган жолуң барбы?
Ысыган кезде сүзөөр көлүң барбы?
Жалгыздап гүл көтөрүп келип жүргөн,
Киного чакыруучу теңиң барбы?

Капилет учкун чачып арбап алдың,
Азгырык, кандай сезим баш айландым.
Шагыңа коноор болсо көгүчкөнүң,
Кар кечип, бороон үйлөп жалгыз
калдым.

"Кыз" – деген сук арттырган
кызыл алма,
Жигитиң болсо кечир, какмалаба.
Жигиттик ар-намыска доо кетирип,
Көрсөтүп ар кимдерге акмалаба.

Жаштык кез шуудурумдөй жайкы
монкчок,
Көз жаштай тоголонуп жерде из жок.
Мага да көз артышкан селкилер көп,
Аларга арзуу, сүйүү элчилик жок.

## БОЛСОҢ ЭКЕН ТҮГӨЙҮМ

Ай терметип турат бизди,
Уктай койгун сүйгөнүм.
Илебиңди жыттап уктап,
Мен жакшы түш көрөйүн.

Чолпон көзүң жоодураган,
Сырдуу тиктеп жылмайган.
Табышмактуу тагдырым ай,
Жыпар жыттуу муңайган.

Кызганамын жат көздөрдөн,
Жолотпой эч жаман ой.
Ай алдында аксап учкан,
Турна кылбай аяп кой.

Таш боор тагдыр,
Кайчы жолдор көп болот.
Тороп алса каргашалар,
Кош булакта муз тоңот.

Кызганамын, кызганамын,
Кылыгыңа мас болом.
Борошо үйүп тагдырыма,
Таштай көрбө суранам.

Айланамда элестериң,
Ээрчип алды сүйгөнүм.
Кош жоогазын түрүндөй,
Болсоң экен түгөйүм.

Кызганамын жат кыздардан,
Жолотпой эч жаман ой.
Күн алдында күйүп аткан,
Турна кылбай аяп кой.

## А МЕН БАЙКУШ

Көп жылдар чабак урдум жетемби деп,
Бирок да толкунуң күч жете албадым.
Жашыдым күнү-түнү жалгыз сен деп,
Сүйүү эркиң алган мени жетелеп.

Кызгануулар күндөн-күнгө күч алып,
Кээде өзүмдү коём катуу жемелеп.
Гүлзарларда менин изим болбосо,
Неге олтурам кайырчыдай кезерип.

Гүл сунбадың, киного эч чакырбай,
Теңиң менен жүрө бердиң сайрандап.
А мен байкуш... көлөкөңдөй көрүнбөй,
Оюм менен жашай бердим аралаш.

## КУСАЛЫК

Бийик аскам кулайбы же азайып,
Жараат алды жүрөктөгү тазалык.
Өмүрлүккө сыйлайт деген адамым,
Учкан жылдыз болуп өчтү карайып.

Көөдөнүмдө жүрө албады тазалык,
Өмүр менде өчү бардай кашайып.
Тартуулады капалык да жамандык,
Баш буралгыс ойлордон мен адашып.

Сүйүүгө мен акысыздай кылчайып,
Кайманадай көңүл бурбай өткөнмүн.
Жан-дүйнөмө толуп алып кусалык,
Көкүрөктү тээп чыгат ыр жазып.

Ыр жазайын, бирок кимге арнайын?
Кусалыктар неге мени кыйнадың?
Тарбаландап, ойноп жүргөн ою жок,
Наристеге мен ырымды арнайын.

## ТҮШҮНГӨН АДАМ МЕНЕН ЖАШОО БАКЫТ

Мен турмушта илкий баскан сөлөкөт,
Баш көтөрбөй көп оорушум өнөкөт.
Сенден башка чалпоо жанга жолуксам,
Очок муздап, сур жыландар сойломок.

Азыркы кымбатчылык кыйнап жанды,
Бербей сыр, ички дүйнөң күйсө түтөп.
Жан сабап, үй табалбай жүрсөң жүдөп,
Көрө албас көөдөй күнгө тартса кулуп.

Кир жууйт, казан-аяк кармашат деп,
Ушакчы улуп-уңшуп жатса үрүп.
Кейибей телегейиң тегиз болуп,
Турмушта жалгыз тарттың арабаны.

Сенде көп адамдыктын сапаттары,
Сактасын жаман көздөн сендей жанды.
Суктанып сырт кебине карабастан,
Түшүнгөн адам менен жашоо бакты.

## КАЙРА ТАРТПАЙТ

Мөмө болсом, ийилип бышып турган,
Бир кылчайып үзүүгө жарабасаң.
Өзөгүмө өрт кетип түтөп турсам,
Өчөшкөнсүп өчүрүүгө жарабасаң.

Көлөкөңдөй ээрчисем карабасаң,
Чагылгандай сезимди араласаң.
"Сүйөм" деп калп күлүп, шылдың
кылып,
Кандай жансың жүрөгүмө бүлүк салган.

Булбул сайрайт, кезинде тили катат,
Шумкар да күнү бүтсө канат какпайт.
Биз деген – бул жалгандын келгин
кушу,
Кез келсе "өлүм" деген кайра тартпайт.

## ЖИГИТ БОЛСОҢ

Жигит болсоң кармашып көр,
Ар-намысты баалашып көр.
Кор кылбастан кыз-келинди,
Бир туугандай сыйлашып көр.

Жигит болсоң жардам бергин алсызга,
Күйкө болбой, шумкар болгун
талпынган.

Прожектор боло көргүн алдыга,
Ак оюңду, арам ойго алдырба.

Жигит болсоң жакадагы кундуз бол,
Балбылдаган жаркыраган жылдыз бол.
Айкырбай жолбун иттей жолдо-белде,
Наалат айтып, каргыш ургур дедирбе.

Көрмөйүнчө ар адамды түшүнүп,
Жамандаба арамдыкка түртүшүп.
Мактап койсо кызматчыга жүгүнүп,
Түшпө үзүлүп, алды-артыңа жүгүрүп.

## АРАЧЫ

Сени самап кучагыңда өрүлбөй,
Сүйкүм жүздөн жыттай албай, өбүлбөй.
Нөшөр болуп коюн ылдый төгүлүп,
Ак кар болуп жаап турам көрүнбөй.

Тагдырымдын татаалдыгын карачы,
Сен да мени көргүң келип самачы.
Тоо томкорсом толбойт окшойт
бөксөлүк,
Ак тилектин саргайганын карачы.

Өңдөн өчүп жүдөп турсам араңчы,
Жөө тумандын баскандыгын карачы.

Жадап бүткөн жалган-жалаа сөздөрдөн,
Бузуктардын бузуктарын карачы.

Душманымдын тикен тилин карачы,
Балдарыма тийбесин деп шамалы.
Көрө албастын көр көзүнө кадалам,
Болом дайым калп-жалганга арачы.

## ТҮНГӨ ОКШОП

Жаным кейип, жат турмушка көнө албай,
Арык суудай жамгыр жааса туналбай.
Жакыр жашоо, бөксөрүп бүт дүнүйөм,
Чыдап келдим намыс-арды кыя албай.

Кара-тору сырт келбетим аралап,
Сыйрып терим, бүт денемди жаралап.
Калбыр кылып, чылап-туздап жаттыңар,
Кайран жүрөк чыдайт каны тамчылап.

Сүйбөй жашоо – бышкып күйбөй тозок го,
Наристелер бейкүнөөлөр кыя албай.
Тарыйт сезим, толбойт дүйнө, кең бирок,
Бактым менин жылдызы жок түнгө окшоп.

## АРМАН АЙТЫП ЫЙЛАБАСЫН

Аккан суудай шаркырап,
Өмүр кетти агылып.
Кара чачка ак кирип,
Бизге жетээр карылык.

Биз жетпеген сүйүүгө,
Балдар жетсин шактагы.
Кудай берсе эс-акыл,
Ак кептерге жакканы.

Биз жетпеген бакытка,
Кыздар жетсин шактагы.
Арман айтып ыйлабасын,
Ак кайыңга бактагы.

## ТУНУК БОЛСО ЭМНЕ?

Кээде шашам,
Бирок... кайда?
Батпай үйгө буулугам,
Жайдын тунук тамчысындай,
Ыр жаза албай тумчугам.

Ырларымдан канат жасап,
Учкум келет бийикке.

Түрмөктөлгөн ак булутту,
Кармап көрсөм эмине.

Адамдардын пейилдери,
Булут болсо эмине?
Кара болсун, сары болсун,
Тунук болсо эмине!

## ҮН ЧЫГАРБАЙ КАЙТАСЫҢ

Адам күчү арзан бекен, кымбатпы?
Бизди кандай жаратты экен жараткан?
Бирөө жүрсө төө көтөргүс жүк алып,
Бирөө көрөт ал көтөргөн жыргалды.

Төрөлгөндөн торго салып бөлүнбөй,
Жөргөмүштүн желесиндей көрүнбөй.
Бул жалгандан ала турган аз эле,
Бешенеңден аккан териң төгүлбөй.

Турмуш татаал – утуласың, утасың,
Жыргал күтсөң, кайгыдан кан жутасың.
Ыйлап келип бул жалганга,
Тапканыңдын таштап баарын,
Үн чыгарбай кайтасың.

## АРСЫЗДАР

Чындап көрсөм – бузуктар бузуп бүткөн,
Актыкты арамдыктай чубап өткөн.
Башынан чөп көрүнүп калса кокус,
Өзүнүн арамдыгын сыйпай өткөн.

Арсыздар акыйкаттан коркот дайым,
Ал мага болуп турат күндөй дайын.
Алкымдан бууп турат көрө албастык,
Көзүнөн кан тамчылап, кыт-кыт күлгөн.

## БИР АЯЛГА АЙТААРЫМ

Сезет жүрөк айтылбаганды,
Какшык сөздү, арам күлкүнү.
Түшүнүксүз, акылсыз дебе,
Ар бир сөздө жыландын башы.

Өзүң жүргөн бузук жолдордо,
Башкаларды арам ойлобо.
Мен күйөөмө душман эмесмин,
Ээлик кылат кут түнөгөн ордого.

## КЫЗДАРГА

Кыздарга айтаар бир ырым,
Жалганы жок, чын сырым.
Эркектен кем жаратқан,
Бурмаланган чындыгың.

Ашык болсоң бирөөгө,
Элеси кетпей жүдөтсө.
Өрттөнүп күйүп кетсе да,
Айталбайсың кыз неме.

Сүйүп калсаң сыртынан,
Тоту куш болуп кулпунсаң.
Торой чыксаң алдынан,
Тоготпой өтсө ал урган.

Шылтоо кылып бир себеп,
Гүл кармап чыксаң ашыгып.
Гүлүңдү чаңга ыргытса,
Өлгөнүң жакшы асынып.

Деңизден сүзүп чыкса да,
Өссө да таштан жарылып,
Уяң-назик сезими,
Айталбайт кыздар "сүйөм" деп.

## КАЙРАН КЫЗДАР

Өспүрүмгө суроо берди журналист:
– Сүйүү деген эмне? Канча сүйгөн
кызың бар?
Уялбастан "төртөө", – деди сүйгөнүм,
Кудай берсе бешинчисин сүйөмүн.

Жалган сүйүү, жансыз сүйүү – кесиби,
Баш айланткан армандардын себеби.
Никеси жок төрөп алган секеттер,
Отузунчу болуп жүрбө сүйгөнү.

Кайран кыздар, кызыл гүлдөй ачылгын,
Аяр карап, ак сүйүүнү таанылгын.
Жүрөк сууруп, калдаңдаса калп сүйүү,
Ак жыландан кызыл гүлүң жашыргын.

Кайран кыздар, акыл менен урушпа,
Кербен турмуш, жолуң узак унутпа.
Капилеттен чыга калса калп сүйүү,
Күйүт тартып гүлүңө чаң жугузба!

Таза жүрүп, тунук бакыт таап ал,
Таза сүйүү – таш боор эмес угуп ал!
Калкалайт, канатына аяп сени,
Гүлүң үзүп, тепсеп чаңга таштабайт ал.

## СЕНИ АЙТАТ

Сени айтат эки жүздүү кубулма,
Артыңдан сатып турат куюнга.
Арыңа, адамдыкка доо кетирет,
Андайдан эсиң болсо алыста.

Олтурсам, көз көрүнөө сатып кирдиң,
Шыбырап, көргөндөрүң айтып кирдиң.
Ичиң пөк, арамдыкка толсо дагы,
Сездирбей, ал келгенде жайнап күлдүң.

Эки жүздүү, адамсың кандай куйту,
Ууртуңдан жылмайып жалган күлкү.
Өзүм үчүн дегенде оңко атып,
Жүрөсүң ээ, кайраным абийир сатып.

## КӨҢҮЛ

Мен түшүнөм,
Көңүл деген –
Тунук, таза булак деп.
Жакшы адамдар
Тазалашып,
Чаң жугузбай турат деп.
Мен түшүнөм,
Көңүл деген –

Жайы-кышы,
Жыты аңкыган,
Ажайып кооз дарак деп.
Жакшы адамдар,
Өсүшүнө жардам берип турат деп.
Бирок... көңүл
Жакшы,
Жылуу,
Сулуу –
Сөздүн кулусуң.
Жаман сөздү,
Айтпай
Тилдер курусун.
Жүрөктү өйкөп,
Кабак бүркөп,
Ороп түрмөк ойлорго,
Туюк жардан,
Жол издетип,
Кайгы салып курутчу.
Көңүл «гүл» деп
Аяган көп,
Акыл-ою тереңдер.
Назиктигин пахта сымал,
Сезип туруп аны сиз,
Шак сындырып,
Бүлүндүрүп,
Коёбуз ээ, аны биз.

## АЙ ЧЫГАТ

Салкын нурлуу Айды сүйүп карасам,
Жеңил тартат жүрөгүм эргип турган.
Бизден кетти жаштык учур канатчан,
Жигит тандап, кыз жандаган тараптан.

Жыргал-Сазда, жайлоодо көзүм күйгөн,
Кылайып, Ай чыкканын көп жолу
коргөм.
Күүгүмдө кулундуу бээлер оттоп,
Бейпилдик ырын ырдайт, сүтак коштоп.

Ак сүйүүдөн, күтүүдөн көз жаш тамган,
Асыл ойдон, армандарды көп уккан.
Жаралуу жүрөгүнө дак баскан,
Ай чыгат, сырдуу, сулуу карыбаган.

## СҮЙҮҮГӨ

Сен бар үчүн кашын кагат селкилер,
Сулууланып кашын боёп берилген.
Жазда жаңы ыргалгандай гүлбурак,
Акындарга пери болуп, лира болуп
керилген.

Сен бар үчүн булбул бакта сайраган,
Сен бар үчүн булак агат ыр ырдап.

Сен бар үчүн жер бетине жаап кар,
Жүрөктөргө тоңуп калчу муздар бар.

Сен бар үчүн аппак кара булуттар,
Туруксуздай шамал айдап калкыган.
Сен бар үчүн сезимдерде ыйлоо бар,
Күндө-түндө басылбаган жамгырдай.

Сен бар үчүн күздө бышат мөмөлөр,
Кызыл алма бышкан чакта келе бер.
Мөмө жыты өрдөп турса көөдөндү,
Турна моюн сүйгөнүңдү өбө көр.

Сен бар үчүн куттуу үйдө күлкү бар,
Наристелер көпөлөк кубалашкан.
Күн нурунан жаралдыңбы бир үзүм,
Көздөр көзгө каректерден нур чачкан.

## СҮЙҮП АЛ КОЛДОН КЕЛСЕ

Ар кыл гүлгө колун созуп,
Ата-энең башын кошуп.
Бактылуу болсоң жакшы,
Учкундар жалын болуп.

Учкундар шамдай өчүп,
Кош жаздык муздай тоңуп.

Алаксып жашоо кыйын,
Кыйбасың бала болуп.

Алты сан аман болсо,
Уурдап кача көрбө.
Жайдары кызды тандап,
Сүйүп ал колдон келсе.

## АРАМДЫК ЖОК

Сүйсөм сүйдүм, өмүрүмдө,
Жүрөгүмдө от калып.
Жаштыгымдын айлуу түнү,
Көңүлүмдө шат калып.

Өмүрүмдө шерик издеп,
Сүйдүм бир жигитти.
Ак булуттай чачырады,
Шамал айдап курутту.

Эркибиз күч ийилбедик,
Бышсак дагы үзүлбөдүк.
Таза сүйүү тунук калды,
Издеринде арамдык жок.

## АЛТЫН БАШТЫ ЖЕРГЕ САЛБА

Баштаган иш бүтпөөчүдөй,
Шашып калам кээде мен.
Кандай туйгу тынчтык бербей,
Шаштырасың неге сен?

Өчпөй калып сүйүүнүн учкундары,
Жашап келет, жүрөктө жашап калды.
Ар жылы ырлар жазам, гүлдөн түрмөк,
А бирок актёрум келбей калды.

Гүл эксең, чаңкабасын, суусун кара,
Акылың жетпей турса акыл сура.
Дүйнөдө жамандардан жакшылар көп,
Ак болсоң алтын башты жерге салба!

## СҮЙЛӨГӨН УШАКТАРЫ АТЫЛГАН ОК

Адамдар өйдө-ылдый кайчылашып,
Кемедей деңиздеги чалкып-ташып.
Кемтикти турмуштагы толтура албай,
Өзүнчө ар ким жашайт түйшүк тартып.

Мен дагы адамдардын арасында,
Нөшөрлөп жамгыр болуп төгүлө албай.

Же жайнап, сулуу гүлдөй ачыла албай,
Жалганда жашабадым туталанбай.

Кээлердей жасакерлик мүнөзүм жок,
Паракор, ууруларды көрөмүн жек.
Айылга келип калсам түнөк издеп,
Арман ай, адалы аз, арамы көп.

Чындыкты бетке айтып койгонуман,
Жасакер, куйтуларга көрүндүм жек.
Таң калам, мүнөзүнө тайкылардын,
Сүйлөгөн ушактары атылган ок.

## АЙЫЛЫМ

Бир коркунуч бийлеп алды,
Коюу түндөй ээрчиди.
Түпсүз деңиз, оюм чексиз,
Булуттардай чар жайыт.

Адырларың бут жарылып,
Балалыгым калган жер.
Кыйбай турам жаш төгүлүп,
Малым семиз, баскан жер.

Шуудураган калың токой,
Чачкан Ай, Күн нурларын.

Тунук булак, таза абаң,
Жашыл шибер туланың.

Өмүрлөргө өмүр улап,
Киндик энем, үйүмсүң.
Перзентимдей жаным бирге,
Кантип кыям өзүңдү.

Жылаң аяк баскан жолдор,
Кыя жолдор баягы.
Балалыгым унуткарып,
Көчкү басып калабы.

Өлүм калыс – ылгабай ак-караны,
Көркөм жашоо өз нугунан токтолоор.
Ырыс төккөн айылым жашай бермек,
Чүрпөлөргө жомок болуп карааны.

## ЖАЙЛООДО

Жайлоодо жаңы, кызыл гүлдү терип,
Жаштыгым өзүн кенен, эркин сезип.
Ар түркүн дарактардын гүлүн тиктеп,
Таңдарга жайлоодогу кумар артып.

Таңдарга эрте туруп чыйрыкпастан,
Желеге кулун байлап, уй саайт апам.

Ар дайым дасторкону жайнап турган,
Берешен өзгө, жатка теңиз адам.

Мен жаш кыз, али эсимде жаман кыял,
Болбогон сөзгө деле тез таарынып.
Куюлган тамакты ичпей тетир басып,
Кабакка түнөп турчу кара туман.

Чытырман токойлордон издеп жүрүп,
Бээлерден минип алып жайдак тутуп.
Үйүрлүү жылкыларды айдап келмек,
Күнүгө мойнубузда биздин милдет.

Чындыгы толук кыздар, балдар
чыйрак,
Таң азан жылкы издеп бара жатсак.
Жолумда узун аркан сулуу эшкен,
Оролуп, жыланга окшоп жаткан экен.

"Онобул эмне?" – дедим кара-ала,
Упузун жылан окшойт карагыла.
Жанымда кыздар-балдар таңыркашып,
Коркунучтай алдыда аркан жатса.

Түшүп алдым, жаштык кыял
кубандым,
Үйгө шаштым, апам дагы кубансын.

Кубанбады, кубарды өңү апамдын,
Кайдан билдим балээ чырмап алаарын.

Он экиңди бактык уурулуксуз,
Бөтөн-бөлөк, өзгөнүн буюмусуз.
Кайдан алсаң алып бар, кайра ташта,
Чөнтөгүңө түшүп калса, алып ташта!

Өкүм чыккан сөзү тийип жаныма,
Кубанычым көз жаш болду заматта.
Кээ бирөөлөр үйдөн буюм уурдайт,
А апамчы, тапканыңды урунбайт.

Бирөө таап алат деп оюмда,
Көзүм кыйбай таштап кайттым арканды.
Айтканымдай коңшу кемпир үй издеп,
Таап алыптыр мен таштаган арканды.

Көпкө жүрдүм каяша айтып, мокотуп,
Тапканымды албады деп кекетип.
Куу турмушта ак-караны ылгабас,
Кечиргиле, жаш чагымды ата-эне.

Көрдүм жаман адамдарды,
Уурулуктан жан бакканды.
Тунук көлдөй өстүрүпсүз,
Таттырбастан арамдыкты.

## СҮЙҮҮНҮ ДАҢАЗАЛАП

Ак куудай моюндашып,
Жашасак 100 жыл ашык.
Армандар түнөйт беле,
Жүздөрдү тырыш басып?

Өрүктөй кучак жайып,
Ап-аппак жоолук салып.
Жытташып турсак кана,
Жайкы жел жыпар чачып.

Асманга тиреп боюм,
Чырмады билбейм оюм.
Жаңгактуу токой болсок,
Сүйүүнү даңазалап,
Жашайт белек кылым бою?

Душманың жашаса тынч,
Жолукса амандашпай,
Кыздарды жамандашпай.
Бороондуу жолдордон тос,
Жаңылса жалаа жаппай.

Жолунда тогок болбой,
Мойнунда богок болбой,

Таруугa чымчыктар өч,
Душманың жашаса тынч.

"Сындырам", – дебе акты,
Карасы болбосо эгер.
Чагымды айта бербе,
Кадырың кетсе дагы.

## "30" ТАЯК ТИЙГЕН МЕНЕН

Ар-намысты чаңдатып,
Жүрө турган мен эмес.
Ар кимдерге алжаңдап,
Күлө турган мен эмес.

Ак алмаздын мизи элем,
Ар-намыстуу кыз элем.
Көк алмаздын мизи элем,
Көйкөлүп жүрөөр кыз элем.

Ак мылтыктын огу элем,
Айыбым жок кыз элем.
Бузукту албас теңиме,
Бурулуп баскан кыз элем.

Ак болоттун мизи элем,
Тайманбас курч түз элем.

Өлүмдөн кайра тартпаган,
Кайратым мол кыз элем.

Ойдо жок жерде түлөдүм,
"Бактылуу бол!" – деген тилегим.
Көк көз мышык көрүнө,
Көөдөнүмдү тиштедиң.

Ойдо жок жерде жүдөдүм,
"Орун тапсын" – дегеним.
Тойгондо ээсин талаган,
"Ит" экенин билбепмин.

Куттуу жерим тепсеген,
Жаман катын кетпестен.
Ортомчу болгон башыма,
"30" таяк тийген мен.

## ЖҮРӨГҮМ

Кыял болуп эрмегим,
Түтөп өчпөй келемин.
Сүйүү деген желеге,
Чырмаларым билбедим.

Алдабадың, арбадың,
Болдуң өчпөс арманым.

Бөлүп алып, көп лирадан,
Жүрөгүңө кактадың.

Тагдыр деген татаал жолдо,
Жылуулугуң сезейин.
Калп, сөздөрдөн калбыр болуп,
Укаланды жүрөгүм.

## ӨСҮП КЕТСЕМ

Таза болсоң башты бийик көтөрүп,
Баса көргүн ташыркабай көөшөрүп.
Бир кездерде булбул акын Жеңижок,
"Аштык ууру" – деп аталган эби жок.

Киндик каным, гүл өмүрүм жуурулган,
Айылымда өзүм өскөн, туулган.
Өгөйлөгөн көздөр турса кадалып,
Жүрөгүмдөн кан тамчылап буулугам.

Душманымды ажыраттым чынында,
Өзөгүмдөн чыккан тура ал жара.
Өсүп кетсем саябандуу даракка,
Көлөкөлөп арман айтып ыйлаба.

# ТИРҮҮНҮ ЖАКШЫ ДЕП АЙТУУ КЫЙЫН

Кара булут жашыса сел болорун,
Жакшы адамга жамандар өч болорун,
Ата-эне мээриминде түшүнбөпмүн,
Тынч агым да толкунга туш болорун.

Колдо бар колдо жокко кас болорун,
Теңсинбей өзгөлөргө жол тосорун,
Колунан бир иш келген кызматчыга,
Жүгүрүп, кайран өмүр кор болорун.

Өчөштүм, куу турмуштан утканым жок,
Чеңгелин эт-жүрөктөн алганы жок.
Көз жашым турпатымды жууса дагы,
Басыгым бир калыбынан танганы жок.

Адамда ар кыл сымал мүнөздөрү,
Жүрөктөр күйүп жүрүп түгөнөрүн.
Чоңоюп, бой жеткенде түшүндүм мен,
Тирүүндө жакшылыгың туйбайт эч ким.

## ЖООКЕР УУЛУМ

Жүрөгүм ыйлап турду,
"Кош!" – деген сөздөн коркуп.
Балам ай, сен жашыдың,
Билбедим, эмне ойлоп...

Артыңды карабастан,
Бурулбай сен жөнөдүң.
Буулугуп ыйлап турдум,
Жалындым, мен энеңмин.

Ата-Журт жүгүн артып,
Кеткениң – бой жеткениң.
Армия, жоокер болуу,
Милдети эр жигиттин.

Душмандар көп көз арткан,
Өнүмдүү Кыргызстаным.
Аткарып милдетиңди,
"Аман кел" кагылайын!

# ЖАШАРЫП КЕТПЕЙТ БЕЛЕ МЕНИН АТАМ

Көп байкайм согуш кино көргөнүндө,
Көзүңдөн сакал ылдый жаш куюлат.
Жүрөктө бөксөрбөгөн арман бар да,
Үшкүрүк көөдөнүңдү көп куйкалайт.

Капыстан ок жаңылса ким бирөөгө,
Аттиң – деп ичиңизден көп аяйсыз.
Тартылып калган эски тасмалардан,
Табам деп бир тууганың көп карайсыз.

Батышта өрт алоолоп күйүп турса,
Өлкөмдү душман тепсеп, күлүп турса.
Кээ арсыз жанын аяп бекинген дейт,
Айыкпас азаптан чыккан жара.

Ата-энеден эрте ажырап кош жетим,
Добул уруп балалык гүл учурун.
Кендир кесип бир жагынан жокчулук,
Бир жагынан акыйкатсыз зомбулук.

Балтыр эти ката элек жаш убагы,
14–15 жаштагы бала абамды.
Өз атынан согушка жөнөткөн дейт,
Амал менен айылда сактап жанды.

Баланын, бир туугандын орду башка,
Көп жылдар өрт-жалындайт көөдөн
жакта.
Бир боорум калды экен деп кандай
күндө,
Үмүттүү жолду карап күтөт атам.

Каргашалуу кан ичкен согуш бүттү,
Арадан канча суулар, жылдар акты.
Топурак бир ууч бизден буйрубады,
Бейитиңиз бир белгисиз жайда калды.

Кайда калдың бир боорум, кайда калдың?!
Шордуум ай, көөдөнүңдү кандай ок
жаралады.
Күтө берип саргайып үмүтүм да,
Аппак болуп сакалды бубак басты.

Дарексиз согушта жоголгон жан,
Кубантып кирип келсе кимде арман.
Агарып бара жаткан чач, сакалы,
Жашарып кетпейт беле менин атам.

Ракета, бомба, танк алдында,
Кан жыттанган жер бети.
Кара жер онтоп, чачылып, өлүктөрдү
жашырып,
Далай пенде дайынсыз, келбей калган
ошондо.

## ТАҢ КАЛАМ

Мен белесте –
Кызгалдактар жайнаган,
Жаратылыш табышмактуу
Таң калам.
Минуттарга кайгыларым
Унутуп,
Убактынча жүрөгүмө гүл тагам.
Шыңкылдаган тунук булак суусунан,
Кочушка алып айланама
Суу чачам.
Ойго чөмүп, кээде олтуруп
Ыр жазсам,
Ойлорумду туман басат,
Таң калам.
Ушактоого акысы жок
Эч адам.
Абийиримди тунук, таза
Сактагам.
Сүйгөнүмө жетпей калгам –
Түшүп бизге чагылган.
Бирок, достон душман көпкө
Таң калам.
Куйтулуктан, арамдыктан
Жаралган,
Адалдыкты желмогуздай

Санаган.
Көөдөнүңө бычак болуп
Сайылган,
Көрө албастын жалаасына
Таң калам!

## КҮЗ

Жалбырак саргайып, бозоруп,
Баш ийбей дарактар бой созуп.
Ишенип жаңыдан көктөөргө,
Турганын карачы корсоюп.

Шамалга ыргалып шалдырап,
Кантсе да жалдырайт жалбырак.
Өмүрдүн өткөнү камчылап,
Күздөгү түшкөн жалбырак.

Сууларга учу жок жарышып,
Мезгилдер өтүшөт алмашып.
Дыйканды сагынтып күттүргөн,
Келет ай береке төгүлгөн.

Бирок... жаштарга байкалбайт,
Жылт этип караңгы басканы.
Суулардын үстүндө жалбырак,
Бекитип жаштыкты алганы.

## КОНГОН ЖЕРИМ ТЕРЕҢДИК

Ырахмат агай, окупсуз,
Жылуу пикир жолдопсуз.
Алагды болуп, мал өлүп,
"Тулпарга" чомду токупсуз.

Ачык айтпай айыбын,
Жылдыздай жанган ырлар деп.
"Кылымдар" өтсө чыгаар деп,
Аксатып неге койдуңуз?

"Акын" – деп атым чыкканча,
Жашагым келет кылымдап.
Ташбака, кузгун курбалдаш,
Кудайым бербес уруксат.

Кунаажын өлсө кол кири,
Кайгырып агай жүдөбөң.
Ырлардын жазың гүлзарын,
Алтын баш өтсө дүйнөдөн.
Ырлар келет тизилип,
Канат байлап уч дешип.

Турмуш – деңиз чалкыган,
Тереңи мага туш келип.
Учалбай жүрөм буюгуп,
Конгон жерим – тереңдик.

## КӨЗ ЖАШЫҢА ТЕҢ БЕКЕН?

Кандай таш боор
өз баласын жээриген,
Көз жашыңа муз да
тамып эриген,
Кандай аял төрөдү экен
Берметти?
Апакелеп боздосо да келбеген.
Мээрим керек,
Жылуу-жумшак таптаган.
Эне керек, күн нурундай жайнаган.
Айбанаттар, малдар дагы түшүнөт,
Түйшүктөнөт баласы үчүн жүгүрөт.
Алкаш ата, арсыз энелер,
Өз баласын жарга түртүшөт.
Бул турмуштун жагдайы көп
Тумандуу,
Сенин апаң кандай аял
Болду экен?
Ар-намыстуу аял бала
Таштабас,
Көз жашыңа тең бекен ай,
Тең бекен?

## БӨКСӨРТПӨСӨ

Жашоо чарпып, жылдыздардай
чаржайыт,
Тар кыялдар тагдырларды тооруган.
Жамандыктын тийип огу жүрөккө,
Жаш кыз калды, жер алдына көмүлүп.

Кыздардын кыздары бар калтарлардай,
Шумкар да ага даап кол сала албай.
Апкаарып, тегеренип учуп калган,
Жүргүлө аларды эч таба албай.

Малсыңар, акмаксыңар дегим келбейт,
Жеңил ойлуу кээ жигиттер түшүнсө.
Антташтым, мелдештим деп арак ичип,
Намыскөй кыйын болуп көрүнбөсө.

Биреөнүн аяп жүргөн гүлүн үзүп,
Биреөнүн сүйгөн кызын ала качып.
Бактагы бакыт кушун үркүтүшүп,
Ырысты төгүп-чачып бөксөртпөсө.

## УУ

Уктатпайт, үрүп деп баламды,
Кесеге уу аш чыланды.
Куюп салдың билгизбей,
Байланган ит суналды...

Жамандык кылсаң кол менен,
Азабын тарткын шор менен.
Жыл маалына жетпестен,
Кетти уулуң келбес жол менен.

Жан кыйбай эми жүрөрсүң,
Чындыкка өзүң күбөсүң.
Сыртың сыйкы, ичиң тар,
Начар бүлө экенсиң.

## ГҮЛДҮ КӨРДҮМ КАБЫРЫҢА КОЮЛГАН

*(Гүлзиянын арбагына арнадым)*

Гүлдү көрдүм кабырыңа коюлган,
Эркке койбой көз жаш тамды боюмдан.
Тагдыр буйруп, канча жылдар бирге иштеп,
Туз татышып, сыр алышып жүрчү элек.

Түшүмө кирбейт элең элестетсем,
Гүл өмүрдү кууратып алаарыңда.
Таш боор тагдыр турбастан каршысына,
Өзүңдү өзүң муунтуп салаарыңды.

Эркек эмес, суктанчу элем боюңа,
Тунук күлкү, терең акыл-оюңа.
Суук шамал ыраа көрбөй жүрчү элем,
Аялзаттын асылы деп макташа.

Көөдөнүңө кат-кат ушак катылды,
Көрө албастар, тең эместер асылды.
Сууруп албай, ушакчынын уу тилин,
Эжекем ай, неге гөргө жашындың?!.

Сен өлдүң! Андан жашоо өзгөрбөдү!
Ушакчы, сасык бака көбөйүштү.
Сыздатып, уул-кыз түгөйүңдү,
Беймаалда гүл койдуруп ыйлаттыңбы?

Жүрүшөт го тууган-бозгон бузуктар,
Өзүн билбей өзгөлөргө үрүшүп.
Тарптан куру калып калган жорудай,
Ушак сөздүн уюгуна конушуп.

Уулуу ушак бизге дагы чачылды,
Жашооңорду бузармын деп асылды.

Ак ийилди, бирок сынбай сайрандап,
Ушакчылар бак коңуздай жашынды.

Оо энелер, жашоодогу перилер,
Кур жалаага өлүп алуу эрксиздик.
Таза болсоң башты бийик көтөрүп,
Жүргөнүң оң ушакчыны тебелеп.

## КЕЛЕЧЕК ҮМҮТҮМ

Жолду карап, карааныңды издесем,
Алоолонгон от илебин сезбесең.
Байкоого албай өтүп кетсең жанымдан,
Аалам мага караңгылайт бир ирмем.

Жамандар көп жабыркатты,
Куса толуп, арман ташып жүрөктөн.
Санааларга, ойлорго тебелендим,
Күз саргайган дарактай билинбестен.

Жүдөп бүттүм, жүрөгүм дүк-дүк согуп,
Кайратымды душманым коргоп-торуп.
Кадырыма жетпесең тез картайып,
Келечекке үмүтүм калат тоңуп.

## СЕНСИЗ ДҮЙНӨ

Көздөрүң толгон сагыныч,
Көрүп турам.
Калканч кылып кирпигим,
Көнүп калгам.

Ким бирөөгө жалбарып,
"Карайбы" – деп.
Ичтен түтөп, кызганып,
Күйүп турам.

Сүйөм сени ойго толгон турпатың,
Аттиң арман, кең дүйнөнүн тардыгы.
Сөз таба албай карбаластайм карачы,
Сенсиз жашоо, сенсиз дүйнө караңгы.

## КОЗГОЙ БЕРМЕК

Махабат ууктурат келсе кезек,
Кол шилтеп, өткөнүнө кетсе кектеп.
Жүрөккө кыжаалаттык орноп алып,
Өксүктүк өткөндөрүн козгой бермек.

## БОЗ ТУМАН

Үйүбүзгө мөндүр жаады таш болуп,
Ызгаар айдап куюн келди кас болуп.
Үрөй учуп, ойноп көктөн чагылган,
Ылай чачып, көз ачырбайт жамгырдан.

Каргашадан кабар айтып тургансып,
Үйдүн үстүн кара булут чулгаган.
Тумчуктуруп тынч олтураар жер калбай,
Боз тумандар курчап алды айланам.

Ушул күнү келди бизге кыямат,
Чок бастырып чыркыратты бир боорум.
Узак чыкты ый аралаш кошоктор,
Боздоп каймал, боз тайлагын жоготкон.

Айсыз түн көрдүк караңгы,
Ырбатып жараат кайра ачты.
Кургаар кезде кайран жаш,
Шолоктоп күчөп ал акты.

Өчкөн шамды кайрадан,
Жандыраар арга болбоду.
Кай себептен өчкөнүн,
Боз туман айтып койсочу.

Апакемди сооротууга арга жок,
Колдон келе сени коюп тирилтип.
Каргашалуу өлүм жолун кылчайбай,
Бараар элем мен тороп.

Ошол күнү бизге бороон, кар жаады,
Жүрөк канап, жүрөктөргө муз тоңуп.
Башкаларга жай жүргүздү өкүмүн,
Булбул сайрап, көпөлөктөр шар учуп.

Бизди каптап боз тумандар кетпеди,
Таркаарына акылым эч жетпеди.
Кай себептен өчөштү экен куу турмуш,
Бир жолу эмес, жүрөккө ууну көп септи.

## ЗАЙЫРБЕК ИНИМДИН АРБАГЫНА АРНАЙМ

Туптунук асманымды туман чалып,
Күн чыгат, бирок мага тийбей жарык.
Буулугам, туталанам ызам артып,
Жабыркап, калбыр жүрөк кайгы
тартып.

Үйүбүздө балбылдаган шам чырак,
Капилеттен, болжолу жок өчтүңбү?
Ак тилектен үйдөн чыккан бир боорум,
Жарым түндө жансыз кайттыңбы?

Сен дегенде ичкен ашын таштаган,
Энекеңди күкүк кылдың безентип.
Кок жоолукту көөнөртпөстөн жаңыртып,
Көйкөлбөстөн, кунар өчүп чөктүк биз.

Ордуң бизге Ала-Тоодой зор экен,
Жоготуудан карбаластап калдык биз.
Ким тең эле математика чыгарсаң,
Шахмат ойноп канча агайлар утулган.

Терең акыл, тунук ойлуу кут элең,
Жоогазындай катар өспөй биз менен.
Бир жылт этип, өчкөн жылдыз сен болдуң,
Айылдагы жигиттерден кем белең!

Үйүбүздүн учуп кетти ак куусу,
Башкаларга сезилбестир а мүмкүн.
А биз үчүн орду толгус чоң кайгы,
Көз жаш эмес, жүрөктөрдөн кан акты.

Ойдо жок жерде бейитиң,
Ыйлатып бизди кемиттиң.
Түшкө кир, бизди сооротуп,
Арманда кеткен шейитим.

Оюнчук ойнойт жалгыз.
Тунжурап,
Кулак бутуп,
Уюп денем,
Жанымда ой максатсыз.
Калч-калч этем,
Ээ кудай, өлүм деген ушул белем.
Элестеп, Кызыл-Кыя шаарындагы
Кыйылган кырчын өмүр.
Тыйылган күлкүлөрү,
Төрөлгөн айыбыбы,
Түшүнбөй бул жашоого,
Келгиндей күздө кеткен.

Көмүлгөн наристелер,
Жетпеген максаттарга.
Толбогон арман канча,
Ансыз да аз жашоодо,
Жан алгыч торойт баса.

Титирөө, сел каптоодон,
Көмүлгөн баштар канча.
Жалдырап тиктейм селди,
Ырайым күтүп андан.
Ээ-жаасыз булдурттаган,
Жан алгыч кара-кочкул,

Көзүмө элестеди.
Толуп ылай оозума,
Жан чыга албай,
Агып балам, жолдошум,
Чуркап жетип,
Чечип уулум бешиктен,
Моюн сунбай –
Көнөктөгөн жамгырга,
Көз ачырбас куюнга.
Өлүм – деген коркунуч,
Качтык биз да адырга...

## ЖАКШЫ ОКУ

Дарактардын жаз байлаган бүрүндөй,
Өмүрүмө ачтың эле жаңылык.
Март айынын таңкы таза гүлүндөй,
Келдиң уулум бул дүйнөгө жаңырык.

Эне болдум, жипсиз сага байланып,
Көпөлөктөй тегеренип, айланып.
Сүйүндүк деп атың койдук Сүйүнбек,
Үй-бүлөлүк түйшүктү бүт тагынып.

Ыза менен жалаа сөзгө көктөлүп,
Сага түзүк көңүл бөлбөйм, бөксөөлүк.
Узун түндө алпурушам ой менен,
Кыска өмүрдө бир жылт этип өчөлүк.

Кулак салчы, акылдашып көрөлү,
Апакеңди ая ооруйт жүрөгү.
Балдар менен урушпа да мушташпа,
Жердеш менен жээришпестен жүрөлү.

Балдар болсо ууру дагы ушакчы,
Калп сүйлөгөн, арам урган тузакчы.
Кошо жүрбө, өзүң дагы сүйлөбө,
Элестетчи өз алдыңча багытты.

Агайың айткандарын так аткаргын,
Сабагың оку десем тетири бастың.
Какшатып тилимди албай ойнол бербей,
Каралдым, өз алдыңча китеп ачкын.

Жылдызың түшпөй жерге кабак ачкын.
Намысың тепселбесин, алкыш алгын.
Сабакка кечикпестен барып дайым,
Үйгө да кечикпей кел кагылайын.

Туулган күндө эмес ар бир күндө,
Кудайдан тилейм сага жакшы нерсе.
Жакшы оку суу кургаган кудук болбой,
Өлкөмдүн жүгүн жара көтөргөнгө.

## ЖЕ КИМ БИЛЕТ?

Бала деген кусалыктан арылткан,
Бала деген үмүт отун жаңырткан.
Бала деген көңүлдөрдү тазартып,
Көөдөнүңө гүл болот го тагылган.

Балбылдашып, көз жарышкан наристе,
Жакшы чыкса үйгө түшкөн кут беле.
Жаман чыкса көз жаш жууп көөдөндү,
Өмүр бою арылбаган жут беле.

Маңдайыма булбул тилин сайратып,
Көргөндөрүң төкпөй баарын жайнатып,
Арасында кыт-кыт күлүп коёсуң,
Капалыкты минуттарда жоёсуң.

Ал-күч кетип карыганда ким билет,
Жамандыкты ыраа көрбөй энеңе.
Көпөлөктөй айланчыктап турарсың,
Жүрөгүңдүн өчпөс шамы, жан бирге.

Же ким билет,
"Өлбөдүң го кемпир!" – деп,
Жүрөгүмө тикен тилиң
Тийгизип,
Кабак бүркөп, четке карап

Турарсың.
Келечекти айтуу кыйын
Болжолдоп,
Же күн болуп,
Же түн болуп чыгарсың?..

## МЕН ӨЗҮМДҮ АЛДАПМЫН

Жүрөк чиркин безилдеп,
Сени көрүп эзилет.
Көлөкөлөп жүрөт дайым,
Өчпөс үмүт жетелеп.

Бактысыздык байырлап,
Алтын өмүр агылат.
Жетпейм... бирок ак калдым,
Турагым бар, жайдакмын.

"Жетемин", – деп эрте-кеч,
Жоогазындай жайнапмын.
Буурул тартты кара чач,
Мен өзүмдү алдапмын.

## СҮЙГӨНДӨР КАЛСЫН ЖУП БОЛУП

Нурланып жүзүң оңолуп,
Сыр чачып көзүң жалооруп.
Таянчың бийик тоо болуп,
Сүйгөндөр калсын бир болуп.

Жоогазын гүлдөп жанаша,
Туракта алтын таң атса.
Нектарга көчгөн аарыдай,
Сүйгөндөр калсын бир болуп.

Бороонду сезбей жуп болуп,
Боздобой жүрөк кут конуп.
Өчпөс-оңбос жылдыздай,
Сүйгөндөр калсын бир болуп.

Асманда эрке булуттай,
Бак-дөөлөт жайып кучагын.
Тандалган гүлдөн айрылбай,
Сүйгөндөр калсын жуп болуп.

## СҮЙБӨГӨНГӨ БАШ КОШСОҢ

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Кара булут жамгырдай.
Жүрөгүң жылып балкыбай,
Кышта тоңгон муздайсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Экөө туруп жалгызсың.
Бирөө өнүп, бирөө куу,
Тирүү өлүк жандайсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Алгыр туруп майыпсың.
Булбул болсоң сайрабай,
Каргадан өткөн карыпсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Күлүктүгүң билинбей.
Күйүп жүрүп өтөсүң,
Сыртыңдан эч билинбей.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Жалгыз учкан ак куусуң.
Армандар каптап жүрөктү,
Көз жаштан бүткөн жамгырсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Намыс үчүн жашаарсың.
Түтүнүң чыгат, жалын жок,
Балдарың тууган – аярсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Сууда жүрүп чаңкаарсың.
Жүрөгүң эски күү чертип,
Көрүнбөй жүдөп ыйлаарсың.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Кызыгы жок айлуу түн.
Капарга илбей кайкыган,
Карлыгач болуп өтөт күн.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Бүрүшүп калган алмадай,
Кызыл жүздөн нур өчөт,
Сабактан добул ургандай.

Сүйбөгөнгө баш кошсоң,
Кызыл гүлдүн баркы жок.
Көңүл бөксөө, жол узак,
Көздөй болгон "жарың" жок.

Сүйбөгөн жаман, баш кошсоң,
Адырда ышкын соолуйсуң.
Санаада жүрүп саргайып,
Узак жүрбөй ооруйсуң.

## КАЛЫС СӨЗДҮҮ КАРЫЛАР

Ызгып жүрөт жалган жалаа, ушак көп,
Калыс сүйлөп, тыйып коёр эч ким жок.
Көз кырымды салып өтөм баарына,
– Биздин тилди албайт, – дешип
тим болот.

Угуп калса уят деп ууру мышык,
Тайыздыгын билсең да башың ийип.
Чечип койгон гөлөшүн ала чуркап,
Жасакерлер жүрүшөт алсыз болуп.

Энекелер баары бирдей салттуу, нарктуу,
Кадыры, урмат-сыйы бирок ар кыл.
Кызматчынын энеси төрдө сыйлуу,
Карапайым энеси – улагада жашы улуу.

Сыйлоо керек, сый урмат көрсөткөндү,
Адамдын бийиктигин көргөндөрдү.
Ак жүрөк, таза адамды билүү кыйын,
Жабыркап, жалгыз жүрүү андан кыйын.

Мынча куйту, эки жүздүү болбосок,
Турмуш менен мышык чычкан ойносок.
Кайда кеткен калыс сөздүү карылар,
Ырыс алды – ынтымак чачып турган.

Ийрини түздөп, жыртылганды жамап
турган,
Жан, кан чыгарбай эл тынчыткан.
Чындыкты далысынан таптап турган,
Кайда кеткен калыс сөздүү карылар?

## МИЛИЦИЯ

Ичип алып мас кирет,
Мундирине ишенет.
"Карызга", – деп калп сүйлөп,
Бош калтасын көтөрөт.

Ай өтөт да, жыл өтөт,
Оюнда жок төлөмөк.
Шыкап берсең курсакка,
Ырахматы жок кетет.

Багыш керек балдарды,
Жалгыз үйүң сатылды.
Үмүт алга жетелеп,
Эптеп "комок" ачылды.

Аз бергенге коюшпайт,
Көп бергенге тоюшпайт.
Ит жеп кеткен тамактай,
Алган товар коюлбайт.

Жарып таштаарын,
Аялды туура эмес алганыңды,
Чапаныңды отко салганыңды
Жакшы, бирок...
Чылбырланган ат экениң айтышты.

Эки жүздүүлүк үрөнүн,
Түндүк-түштүк,
Батыш-чыгышка себишти.
Карапайым эл,
Таң калды көргөн түштөй,
Көпчүлүк көл,
Бургандар болду мол.

Чындыгында "Ханы качкан" – деп,
Чет элдегилер
Жакшы жаман сөз сүйлөп,
Таанып калышты,
"Кыргыз" – деген күнөөсү жок элди.

Аккан суу акпас артына,
Кара каш Аскар татына.
Качканында түшүндүк,
Коррупция, мафия –
Канатчан жүргөн жанында.

Ай чакырып, кол созуп,
Шведдерге жеткенче,
Канча алтын тонолуп,
Ылайланып келгенде,
Чыңгышев мырза томсоруп,
Амалың таап кеттиң ээ?!
Чыр-чатакта жок болуп...

Энебиз, баарын сезебиз,
Досун таштап кыйында,
Таза көлдүн балыгы,
Болуп кетүү кыйын да.

Көптүн көзү көрөгөч,
Эсирбе, улум кулак тос,
Оорулуу туман басканда,
Карыздап алып белчеге,
Оорулуу журтуң абалын,
Киришпедиң оңдоого.

Урпагы деп Манастын,
Бакайы деп Таластын,
Улары деп Тянь-Шандын,
Форели деп Ысык-Көлдүн,
Торгөйу – деп орустун,
Чыгааны деп кыргыздын,

Кырааны деп кыргоолдун,
Меймандос элди дүйнөгө,
Таанытат деп күбүрөп,
Сен бийликке келгенде,
Ханыбыз деп биринчи,
Элиң кыйын сүйүндү...
24-мартта кайра күйүндү...

## СӨЗ ТҮРҮ

1. Жалаа сөз – саргайтып өңүңдү,
Жабыркатып жүрөгүңдү, кыжырыңа
көп тийип,
Абийириңе айгак болуп,
Жүрөр жалаа, сайгак болуп.

2. Ушак сөз – ак турмушка амал ойлоп,
Ак никеге шамал үйлөп,
Такыр кетпес куюн болуп,
Ар-намысың тыйын болуп,
Жабык этек ачык болуп,
Жакын досуң, касың болуп,
Эр өлтүрөөр ушак сөздөн,
Акыл-эстүүң алыс болгун.

3. Куру сөз – казан сымал какшып
турган,
Анда жок тууган жана душман.

4. Көп сөз – үймөктөлгөн, кургаган чөп,
Жандырсаң күйөт да, дөбөсү жок.

5. Куйту сөз – түлкүдөй түрдүү амал,
Жалтырап, эсебинди табат анан.

6. Калп сөз – калдактап кадыр-баркын
кетирип көп,
Камгактай ай-асманга алып жөнөйт.

7. Чындык сөз – көсөөдөй кызыл чокко,
Боюн үрөп, үйрүлүп, намыс-арың
коргоп жүрөт.

Ийилип, кээде сынып зыркыраган,
Чындык сөз бар – жылдыздай
жылтылдаган.



## АПЕНДИ

Эсептеп тапкан
Малдарын санап Апенди,
Жогорку окууга
Өткөрмөк болду баласын.
– Ким болгуң келет?
– Кайсы кесипти тандадың, балам? –
күйпөлөктөйт энеси.
– Сот болом,
Алган пара менен,
Силерди багам! –
деди баласы.



## ДЕМОКРАТТАР ДЕЛЕ КӨСӨМ

"Пыр-р..." учуп келип көгүчкөн,
Эки жагын каранып,
Бою-башын таранып,
Кечээ көргөн бүгүн жок,
Олтуруп калды таң калып.

Аңгыча шырп алдырбай,
Жубайы конду шашып,
Калгандай адашып.

Күндө ойногон паркта,
Кечээги эстеликтер,
Көсөмдөрдүн кайда? –
суроо узатты жубайы,
Ичинен тартып убайды.

Акылы жетпей турганда
Көгүчкөн,
Сөзгө аралашты
Ак чардак көлдөн:
– "Ленин, Маркстай
Жок дейсиңерби көсөм?
Шаардын ичи акыр-чикир,

Жийиркеничтүү, булганыч пытыр.
Семичке, сагыздын,
Пөчөгү каптаган учур.

Мектептерди айтпа:
– Окуучулар бүрүшүп үшүгөн.
Сөгуштан кийинкидей,
Ремонтсуз жүдөгөн,
Өлбөстүн күнүн көргөн.

Адамдардын маанайы өчкөн,
Жакшы заманда алар курган,
Бирок... башка бузган.

Ушул абалды көрсө,
Түтөп, түлөп, түшпөсүн деп жүдөп,
Алып таштаган.
"Демократтар деле көсөм" –
деди да, көлгө уруп чабак,
Көрүнбөй калды Ак чардак.

## УЧАСТКОВЫЙ ТАГАМ

Ыйилишип күлүшүп,
Кучакташып өбүшүп.
Сүйүшкөндөй сүрдөшүп,
Учурашты Түлкү менен Бөрү.

"Табият" - таш боор, болду суук,
Бөлтүрүктөр тоңуп бүт.
Жараарга таппай бир жандык,
Айланды башым, күйдүм көп.
Үшкүрдү Бөрү кайгы жеп,
Ичиндеги сырларын,
Айтты баарын досум деп.
Таянган тоосу бийликтен,
Түшкөнүн айтты шолоктоп.

Өзгөрүп көз карашы,
Куйтулук, ичте карасы.
Бүгүлгөн Түлкү тик туруп,
Сүйлөдү шумдук карачы, –
Болалбайт эч ким арачы:
– Кааласам кардыңды жарам,
Карт Бөрү арам.
Өткөн кеткен,
Өчүмдү алам.
Топтой тээп,
Бужүрөтүп салам.
Билесиңби? – менин,
Участковый болду тагам, –
дебеспи Түлкү.
Кекээр сүйлөп калганын көр,
Келтирип кыжырлуу күлкү.

Сымап болуп өзгөрүлдү бир күндө,
Күндө шыйпаңдаган Түлкү.
Оозу ачылып, жалдырады Бөрү...

## ЧЫЧКАН

Качырып Бүркүт Коёнду,
Курсагы ачканын айтса болбоду.
Байкуш Коён,
Көзү ачыла элек
Балдарын ойлоду.
Жанын үрөп качып,
Арачы болор жан таппай,
Жаңгактын коңулуна жашынды.

Өзү менен өзү ойноп,
Жаңгак чагып жеп, тойлоп,
Олтурган Чычканбайды көрдү.
Тапкандай шерди,
Жалынып Чычканга келди.
Артына Чычкан жашынып,
Сүйлөйт Коён шашылып:
– Кагылайын, Чыке,
Жан соогалап кала көр?
Ишенгеним жалгыз сен.
Артымдан калбайт куу Бүркүт,
Азабын колго бере көр?!

Кетпеди жүрөк жарылып,
Корксо дагы сыр бербей,
Мактоолорго шер байлап,
Баатырсынып сүйлөдү:
– Оо, улуу канаттуулардын төрөсү!
Сизге, бизге тийип калаар көлөкөсү.
Көзү ачыла элек экен бөжөктөрү,
Эркектерин жеп,
Ургаачыларга эркиндик бербейсизби?
Тилимди алсаңыз алдыңыз,
Болбосо өч алам, – деди Чычкан.

"Ким элең", – деп сен, – канатын
шилтеп,
Коёнду илип кетти Бүркүт.
Өч алууну ойлоп Чычкан,
Тууган-уругун жыйып,
Шагынын сынганын,
Бүркүттүн тил албаганын,
Кеги кайнап,
Жүрөктөн ашып, ташканын айтты:
– Жылдын башыбыз,
Бизди сыйлабаганга
Каршыбыз, – дешти туугандары.

Аскадан таап уясын,
Жумурткасын чагышты.

Жылда издеп уясын,
Бүркүттү "как баш" кылышты.

Балапан жытын жыттабай,
Кошулуп учуп таптабай.
Сактай албай балдарын,
Кайгыдан Бүркүт жүдөдү.

Көпкө ойлонду Бүркүт,
Олтуруп аска боорунда:
Жетип турат башым булутка,
Балапансыз жашоо тозок, унутпа!
Алсыздарга көңүл бөлбөйүн,
Кечир мени Чычкан, курутпа!
Кайгылуу Бүркүт –
Сиңип кетти булутка...

Өзүңдү эр ойлосоң,
Өзгөнү шер ойлошту унутпа!

## ТРАЙБАЛИСТТЕР

"Төрага шайлайбыз" – деп
Кимди?
Эчки, Койду жыйып,
Жыйын курду Бээ.
– Кудай алдында сөзүм

Куру болбосун.
Кулунумдан кошо өстүм,
Бар-жогуңарды эстештик,
Жоголсоңор,
Жем болбосун деп,
Чөө менен Бөрүгө,
Ой-тоого чыгып
Издештик.
Төрт мезгил өтөт
Тез эле,
Чөп ташыган
Жакшылыкты билгиле.
Менин Тору айгырымды –
Төрага шайлап бергиле –
деди Бээ.

Секирип чыгып ташка,
Сүйлөдү Серке:
– "Шайлайт элек
Тору айгырды,
Бирок биздин уруудан эмес", – деди.
Кыжыры келип ит,
Тура калып, үрдү минтип:
– Трайбалисттик сөзүңөрдү койгула,
Мен күндө ээрчийм.
Төрагалыкка Тору айгырды
Койгула, – деди.

Көтөрүлсөң кызматка,
Тууган-урукту чеп коргон кылышты
унутпа.

## УРМАТТУУ БУКАМ!..

Жогорку окуу жайына,
"Студент" болуп калышты –
Кочкор, Төө жана Акыра.
Ата-энесин сыйлап Кочкор,
Тартиптүү күнүн улап.
Бекинип чекпей чылым,
Арак ичпей адептүү,
Мини юбка ар түрдүү –
Көңүл кирдеп бурулуп,
Карабады урунуп.
Эрте туруп, кеч жатып,
Окуду сабак жан үрөп.

Төө менен Акыра,
Жүрүштү сайрандап.
Диско-клубдарга барат,
Чебичтерге түрдүү,
Жүрөктөрүн арнап.
Каалашса угат лекция,
Бир күнү келип,
Бир күнү кетип,
Жүрө беришти майрамдап.

Бука декан буркулдап,
Кунаажынга көз кысат.
Даярбы? – дейт бардыгы.
Алдыда каардуу –
"Гос" экзамен турат.

– Урматтуу Букам!
Беш жыл май чайнадык.
Төө менен Акыранын,
Акчасына жыргадык.
Кочкордон башкасына –
"Крыша" болдук биз.
Улуу мырзам кечиргин,
"Даярдан" – деп кантип айтам...
"Госту" дагы тапшырабыз,
Экөөбүз, – деди Кунаажын.

## ЖЫЛДЫЗ

Куунак көңүл булбул,
Сайрады бөлөп көрккө,
Токой ичинде көпкө.
Чогулган айбандар таңданып,
Суктанышты макташып.
Ичинен өрттөнүп,
Жакшы сөздү көп көрүп.
Тили ширин, үнү кооз,

Бирок... бармак баштай боз чымчык,
"Жылдыз" болушка анча
Жарашпай турат келбети, –
деди Тоңкулдак,
Чукулап туруп көңдөйдү.

Андан кийинки кезек,
Миң кубулуп, сайрады Торгой,
Токтот-токтот дегенинен болбой.
Аны да "жакшы" – дешти,
Ырларын жактап.
Татыктуу дегендер болду,
Сайраган үнүн мактап.

Арадан чыгып Күкүк,
Теңине албай күлүп:
"Мукам" – дейсиңер го үнү,
Атаганат, топусу жоголуп,
Кулпуруп турган болсо түсү,
Жарайт эле жылдызга –
Ушул Торгой өзү.

Какылдап болбой,
Сөзгө конок бербей,
Чыга калып Чаркарга,
Жар салды олтургандарга:

– Тартышпай көпкө,
Келели сөзгө.
Куштун эле жылуусу,
Кооз жүндүү, сулуусу.
Сук артып жүрөм мен дагы –
Кыргоолго эле берели,
"Жылдыз" деген наамды, – деди.
Эшек айкырып,
Ит үрүп,
Түлкү күлүп,
Карышкыр улуп,
Сагызган сайрап,
Ой-тоого жайып,
Болуптур токойдо
Ушундай жаңылык.

Сүйлөбөгөн калыс,
Чаркаргадай тайыз,
"Жок" – деп айтсак,
Бизге болоор намыс.

## ЖАННАТ КУШ

Сагызгандар арыз жазды,
Чурулдашып туш-туштан,
Тескеп-иргөөчүлөр басты.
Өзөн-сай канаттууга толду,

Толкун катуу болду.
Ал турмак,
Мушташууга чейин,
Барып токтолду.
Брежневдин орду жоктолду –
Деп Бүркүт комсонду.
Зоокадагы баламды багалбай,
Ооздон кара суу куюлуп,
Сабалап бийик уча албай.
Атым Бүркүт болбосо,
Жүдөдүм түктүйүп.
Жыргал заман адашып калгандай,
Улам арт жакты карайт үңкүйүп.

"Сенектик, буйрукчул", – деп
айталбайм,
Учурунда дуулдадым,
Ак булуттун үстүндө,
Көк асмандын алдында зуулдадым,
Жакшы заман өткөн чын.
Ичкен ашка түкүрө албайм,
Эки жүздүүлүк кылбагыла!
Териси кымбат –
Жаныбарларды кырбагыла! –
деди Бүркүт.

Жин тийгендей алдыга,
Суурулуп чыгып үрүп:
– Көп жылдык эмгек кайда кетти,
Ала-макоодой сагызгандар –
Азабыңар өтүп кетти!
Араңарда абийирсиз,
Ууруңар көбөйүп кетти, – деди.

Кийин андан,
Сөзгө чыкты Сагызган:
– Жокчулук сындырды шакты,
Оо, тартыштык, тайытты бакты.
Мурдагыдай шакылдаш кайда,
Саламыбыз аликсиз калды.
Чоңдорго жасакерленип,
Бакчу элек жанды.
Ортого бөлчү элек,
Тер төкпөй, тапкан нанды.
Импорт дефицитиң,
Эми өзүнөн ашпай калды.
Кыскасы – талдык,
Партократтарды чандык.
Арызга кулак салгыла!
Бизди да куш катарына алгыла.
Ала-макоодой кылбай,
Акка, же карага,

Боёп бергиле тонубузду.
"Сагызган" – деген атты өчүрүп,
"Жаннат куш" – деген
Атты коё кеткиле? – дешти
Чурулдашып.

Күн карамадай, жеңген жакка ооп
турган,
Адамдарды көрүп кош жүздүү,
Жүрөктөн чыгат чагылган.

## МАМАЙДЫН ГӨРҮ

"Адам" – деген аярларым
Мен ишенген жамандарым.
"Коруйм" – деп кош колдошуп,
Атып жейт кош оздошуп.
Куп-кургак көңүлүм бош,
Шат курган досторум жок.
Журчу элек үйүрлүү топ,
Мезгилдин өткөнү шок.
Кыңылдап ырдап, ыйлап,
Жалгыздыктан жүдөп, жадап.
Мээрим издеп, ким бирөөдөн,
Кымыздык тамырын чукуган Кашкулак.
Кирпиге даттанды:
Араң турган кирпи

Досун сооротуп:
– Кайгырба менин жан досум,
Ый-мундан араң токтолдум.
Капканга түшүп, мерт болду,
Кудай мага кошконум,
Жесир какбаш мен болдум.
Буркан-шаркан түшүп:
– Бизди ким колдойт?
Ким коргойт?..
Жерди тээп, чыңырып,
Ак жаанга айланды Кирпи.
Замандын тарыганын көр,
Кайда барба?
Мамайдын гөрү башталды.
Жаныбарлар ыйын эмес!..
Адам ыйын эч ким укпай калды?!

## КҮЛӨТ ТҮЛКҮ

– Өлүксүз өпкө!
Кайсы алына
Жашайт, – дейт көпкө!
Ташбаканы көрүп,
Таңданды эпек көпко:
– Кош кулактуу көңгөй,
Акылсыз көндөй,
Аны кутурткан,

Сен оттогон эле чөп.
Жер алдында,
Ширелүү, маңызы көп.

Сен байкуш ташып чөп,
Каласың арткан кашегин жеп.
Ошондуктан "Күчүң адал –
Сүтүң арам",
Кыт-кыт күлөт Түлкү,
Шылдыңдап эссиз Эшекти.

Алданып, иштеп ар кимге,
Эшектей күчтөр ар жерде.
Өлкөсү үчүн иштесе,
"Миллионер" болмок бат эле.

## КУДАЙ БЕШЕНЕҢЕ ЖАЗБАСА?..

Жогорку Кеңешке,
Шайлоо болор кезекте.
Ак үйдү айланып,
Куйругун шыйпаңдатып жаланып,
Түлкү жүрдү,
Эки жагын каранып.
Талапкерлерге барып,
Калп күлүп, амандашып,

Штаттарын кагып,
Улутунуп олтуруп,
Сүйлөйт дейт Түлкү чокунуп:
– Уурулуктан даңкым чыккан,
Кызыл шапкелерге кор болуп,
Олтуруп чыккам.
Коркот айыл андыктан,
Көк доллардан көп берсең,
Болот бардык айбан,
Мендей даанышман менен.
Көкүрөгүн кагып,
Куйтуланып Түлкү,
Талапкерлерди тороп,
Ал жеткенче тоноп жүрдү.
Бир күнү
Жолугууга келген Үкү,
Семиз тоок чайнаган,
Эки көзү жайнаган,
Түлкүнү көрдү.
– Эй, Түке, айбандарың кайда?
Бергенди жешти билесиң,
Бизге керек добуш, добуш кайда? -
Ызырынып жерге түкүрдү Үкү.

Жайма-жай,
Ордунан туруп Түлкү:

Көк мээ Үкү,
Табитти буздуң,
Жинге катуу тийдиң.
Чачканың арам акча,
Бизден алдың,
Бизге бердиң.
Үксөңдөй бербе көп эле,
Кудай бешенеңе жазбаса наристеңде,
Төөнүн куйругу жерге тийсе деле,
Депутат болбойсуң бизге!
Куйругун жерге бир чаап,
Басып кетти,
Куу Түлкү кекете.

Ишенесиң кимге?..
Түлкүлөр көп, азыр бизде.

## БРУЦЕЛЛЕЗ КОЛБАСА

*(Тамсил)*

Чоюлуп, керилип боз мышык,
Курсагы ачып, каатчылык басып.
Шимшип жолдо баратса,
Имарат башында, илинип калыптыр
колбаса.

Аны көрүп боз мышык,
Шеригине көз кысып.
Аракет кылды секирип,
Таң атканча бекинип.

Жашоо үмүт бир кызык,
Айылдагы бүт мышык.
Аракет кылат "Жесек" деп,
Баралбайт, бирок... жол кысык.

Ээси унутуп калгандай,
Боз мышык аңдып, калды жай.
Акыра болуп колбаса,
Кандай жетет арсыз ай.

Досторун жыйып
Бир күнү.
Калп күлүп, шилекейин жутуп,
Сөз баштады минтип:
– Уксам чоо-жайын,
Колбаса бизден айлансын.
Бузулуп кеткен эттен,
"Бруцеллез" экен!
Анын үстүнө,
Картаң уйдун карды экен.
Карагыла!

Түсү дагы кара
Болчу дешет,
Ички аппараттары жара!..

Шилекейин жутуп,
Көз жашын сүртүп,
Сырттан күлүп,
Басып кетти, боз мышык –
Колбасага жалаа сөз үйүп.

Асмандагы жылдызга,
"Чаң жугузам" – дегенге.
Көрбөй сүйлөп ушакты,
Мурдун чүйрүп өткөнгө.
Сабак болоор деп жаздым,
Жеталбай мышык болгонго.

## СУУР

Курт-кумурскаларды ойлоп,
Өзүнө партия топтоп.
Жетекчи кызматты болжоп,
Шумкар сезип шукшуюп,
Бейиш куруп берешен –
Жылдызды жерге жайнатып,
"Президент" болуп берем, – деп,
Тайкылыгын жашырып,
Таз жору келди салпайып.

Айбандарга жар салып:
– Азабыңды бөлүшөм,
Чогулгула таң жарып!
Суур чыкты сулууланып,
Жап-жашыл айланага сугун артып.
Жаз жыттанган абадан кере тартып,
Аяр басып, абайлап,
Жайнаган кумурскалар жанына,
Туруп калды, жетип барып.
Арам эттен алып тумшук,
Тишин чукуп,
Сүйлөйт дейт таз жору минтип:
– Кагылайын кумурскалар,
Кара жумуш, кайрат-күч силерде.
Каныңарды соруп мителер,
Иштебей отурат.
– Айбаттуу арыстандар, төөлөр, эшектер,
Жогорку Кеңеште.
Эттин планы түштү,
Аймап жеп, кайсап кирişти,
Түйшүк бей-бечараларга түштү.
Мени шайлап койсоңор,
Жети өлчөп бир кесем.
Он-он беш жылда,
Проблемаңарды чечип коём, –
деди Жору.

– Үнүңдү өчүр Жору тим!
"Чындык бар!" – деп айтат ким?
Канчалык чуркабайлык биз,
Жасалма бюллетень озоору чын.
Эт болуп калбайын деп тып,
Ийинине жөнөдү Суур шып.

Нысап бербесе өзүнө,
Көк итти айдап,
Ак итти шайлаштан,
Табаар пайда эмне?..

## СУНУШ

Кемесинде ойдун чалкып,
Жалгыз жашаган карт Мисче.
Коңшу Чыйырчыкка барды,
Кучак жайып, амандашты,
Баш тийгизип саламдашты.

Түнү уйку качканын,
Жалгыздыктан жадаганын.
"70тен" ашса дагы
Ал-күч барын айтты:
– Жакшы көргөн коңшум,
Эптеп мени,
Түгөйлүү кылсаң болду, – деп
жалдырады,

Маселени кабыргасынан койгон Мисче.
Кылгысы келип жакшылык,
Ары-бери ойлонду Чыйырчык.
Көптөн жалгыз жашаган,
Ак кептерге көзү түштү.
Ичинен кым деп,
Мисчеге сүйүнчүлөп,
Сүрөттөп кирди.
Өпкөсүн кармап колуна,
Экөө учуп барды –
Ак кептер жашаган конушка.
– Таазим кылып ийилип,
Табышмактуу кийинип.
Тайтайган буту эп келбей,
Карт Мисче турду чүйрүйүп.

Курт-кумурска сый тамак,
Чокуп топтоп бир себет.
Айтайын деп сунушун,
Туруп калды Чыйырчык.
– Куш келипсиздер!
Кандай шамал айдады экен?..
Койкойгон моюнун созуп,
Суроо узатты Көгүчкөн.
– Жыл учуп октой карасам,
Кечээ эле болчуң балапан.

Ак чач болуп бараткан,
Абалыңды карасаң!
Жалгыздыктан жададыңбы –
деп сени?
Жуучу болуп келдим эле,
Түгөй кылып берейин, – деп Мис

Тарыган тагдырына кейип,
"Ит ичпеген ашынан үмүт
Кылаарын" билип,
Учуп кетти Көгүчкөн –
Жылуу уясынан көчүп.
Сексенге чыккан абышка,
Сакалы эки карышча.
"Үйлөнөм" – деп келиптир,
Ылайык аял табылса.
Ажырашып, табышыш,
Табигый төшөк жаңыртыш.
Араң басса тай-тайлап,
Уят го напис агытыш...

## БАКА АЙЫМ

Балырлуу сазды мекендеп,
Ай нурлуу көлдү жээктеп,
Сүзүп жүрүп эркинче,
Келишимдүү бака айым,

Адашып калды кечинде.
Ачып көздү жумганча,
Караңгылык жүргүзө баштады бийлик.

Апакелеп чакырып,
Ары-бери жүгүрүп,
Өпкөсү көөп күйүгүп,
Ыйлады таппай
Тааныш жээгин.

Кутуусуз жерден,
Сууну бөлө жарып,
Сойлоп, ышкырып ойноп,
Келе жатат суу жылан –
Бака айым жакты көздөп.

Ыйын токтотуп,
Көзүн тостойтуп,
Бүрүшүп туруп калды,
Бака айым коркуп.

Аңгыча жетип келди,
Жылан сойлоп.
– Саламатсызбы айым?
Өзөн жаңыртып ыйлап
Эмне болду сизге?

Бейпилдик түнөгөн,
Биздин жерде?

Эмне дээрин билбей,
Туруп калды Бака айым,
Жалдырап карап көпкө.
"Коркпоңуз, биздин
Көк шиберлүү көлдө".
– Адашып калгансыз го?!
– Ооба, - дегендей баш ийкеди Бака.
Олтуруңуз жонума,
Каалаган жериңизге,
Жеткирүүгө даярмын!
– "Ата тегибиз душман", – деп,
Корко көрбөңүз.
Түшкө кирбеген сөздү,
Сүйлөп турду суу жылан.
Сөздөрү жумшак,
Сезилбейт бороондун изи.
"Башта бар" – деп бир өлүм,
Жыландын жонуна жабышты
Бака айым.
"Аңгектен качсаң дөңгөккө"
Болобу же?
Душманга ишенсе.
Акыл жүгүртүп,
Өзүңчө ойло...

## ОРУН БЕРГИЛЕ ДЕДИ ТҮРМӨДӨН

Жүгүрдүк сүрөп абыдан,
Түшүнсө эгер Саратан.
Ачалы түнөргөн кабак,
Жайкалып олтуруп,
Ичимдиктер жайнатып,
Закускалар түрдүү.
Жагалмай менен Кыргоол,
Олтурушту шагында,
Өрүктүн гүлдүү.
– Оо, кудайым сактап,
Үмүтүбүздү актап,
Түшөөрдө күзгү,
Саргайган жалбырак.
Көк доллардын күчүн көр,
Өттү биздин "кандидат".
Ыйлап, күлүп, болоктоп,
Кайра-кайра алгылап,
Ичишти шарап, шарактап.
Сүрөөнчүлөр:
Авторитети жок, көрсө,
Биз болбосок,
"Депутат" болбойт эле Саратан.
– Ооба, досум Жагалмай,
Жайында учкан сасыган.

Күүгүмгө чейин көрбөйт,
Таман алдында калган.
Кайсы ишти бүтүрөт,
Сабатсыз тырышкан.
Шамалга ыргалган камыштай,
Мас мээси айныган.
Араң сүйлөйт Кыргоол,
Жерге таянган.
Аны уккан Саратан,
Көк шапкени чакырып,
Өз күчүм менен өткөм.
Ар-намыска көө жапкан,
Арам акчага көнкөн –
Кыргоол менен Жагалмайды,
Кылмыш иш козгоп үстүнөн,
Орун бергиле, – деди түрмөдөн.

## АЮУНУН АЧУУСУ

*(окуя)*

Улуу зоонун боорунда,
Чытырман токой койнунда.
Таштан үңкүр бар экен,
Кеңири дагы жайлуу да.
Жемиш, мөмө, жаңгак жеп,
Жашаган экен эки Аюу.
Жайды жайлап, эркинче,

Жайкалган шибер сеңселген,
Ой кырынча тамыр жеп,
Кезинде Аюу семирген.
Байкатпай аңдып эркегин,
Атып алган мергендер.
Мамалактар жаш калды
Сезимде ыйлоо бөксөлүк,
Адамга Аюу өч эле.
Жалама аска боорунда,
Жалгыз аяк жол кеткен.
Жанаша өскөн бир жаңгак,
Мөмөсү анын көп экен.
Майпаңдап басып керилип,
Мамалактар ээрчитип,
Жаңгак жеп, чагып жүрүштү.
Баягы мерген кайрылып,
Келээрин кайдан билишти.
Мелжеп туруп мергениң,
Эне Аюуну бир атты.
Аска-зоону жаңыртып,
Аянычтуу бакырып,
Тамырдан жулуп даракты,
Өч алаар душман таппады?
Шектүү карап балдарын:
– Ачыштырган жанымды,
Силер окшойт чамасы?
Ою жок жүргөн мамалак,

Желкеден алып чекчейтип,
Аскадан алыс ыргытты.
Басылаар түрү жок такыр,
Кан агып турат диркиреп.
"Мени менен ойнойт", – деп,
Калганын бирден ыргытты.
Күрөң Аюу ошентип,
Аскадан өзү кулады.
Тукумун түгөл кууратты.
Өч ала турган душманга,
Балдарын берип жыргатты.
...Асылып калса бирөөлөр,
Өчөшүп үйүң өрттөбө!

## КҮКҮКТҮН БАЛАСЫ

Көктөмдө келип сайрады,
Сайроодон такыр талбады.
Олтуруп түркүн шактарга,
Булбул да аны тыңшады.
Үн салды Күкүк жадабай.
Махабатка мас кандай?
Таңданып көпкө Таранчы,
Сөз салды мындай карачы:
–"Сайраганы эң жакшы,
Таңдантат уккан жандарды.

Басып бала чоңойтпойт,
Сезими анын караңгы".
Аны угуп сары ооз балапан –
Суроо берди баласы:

– "Ким чоңойткон баласын?
Жокпу анын уясы?"
Уя салбайт, куймөнүп,
Бала үчүн көрбөйт камкордук.
Махабат кусүн күүлөшөт,
Жашоосу кукук күнүмдүк.
Сынга алып жаткан бул кезде,
Сыланган Күкүк баласы,
Жанаша конду Таранчы.
Жем жедирбей аларга,
Зомбулук кылды караса.
Көрбөгөн ата тарбия,
"Таранчы" – дейт арамза.
Каары чыгып бетине,
Сүйлөдү улуу баласы.

– "Көрүнгөндүн уяга,
Таштап качат сени апаң.
Зомбулукка үйрөнгөн,
Канаттуусуң сен арам".

Арданып Кукук баласы,
Теңине албайт таранчы.
– "Ата-энемди табам", – деп,
Кукук, Кукук, – деп издейт тыңшачы.

Бизде иштеген Гуля,
Төрөп алып бейнике.
Кур намыска жеңдирип,
Кууратпкан жок баланы.

"Ит болдум" – дейт мен эми,
Өткөндун изин тазалап,
Өстурөм – дейт баламды.
Ойлоп көрсөм чынында,
Жасаптыр эрдик ал дагы.

## БАЛЫКТЫН ЫЙЫ

Тундук уюлда,
Шуба кийип ак калың.
Бороон музга бой бербей,
Жашайт эле Ак аюу.

Кундун көзу көрунуп,
Муздар эрип бөлунуп.
Чээнден жаңы чыгышты,
Ачкалыкты сезишип,
Тоюнтуш учун мамалак.

Өзү ачка шалдырап,
Кубалап деңиз мышыгын,
Кыпчылып музга көз жумат.
Энесин жоктоп жалдырап,
Ыйлап турса мамалак.
Деңизден чыгып бир балык,
Соороттуга ашыгат.

– Ыйлай бербе көп эле,
Унутасың тез күндө.
Энең өлсө, жакшы экен,
Силер арттан өлгүлө!
– Деңиз суусун биринчи,
Көрүп турам мен бүгүн.
"Жаша" – дебей "өл" – дейсиң,
Душман болдуң не үчүн, – дейт мамалак.
Табалабайм, күнөөң жок.
Жашаш керек тамак жеп,
Ата-энемди жеп кеткен,
Сенин энең болчу деп.
Капаланган "жетимче",
Түшүп кетти деңизге.
Мээрбан жоктоп энесин,
Ыйлап, ыйлап шолоктоп.

## ЭШЕК

Айылды жарат,
Айкырса эшек.
Кылган иши,
Эптеп-септеп
Жарымтага жетет.
Көрүнгөндү жетектеп-этектеп,
Элтеңдеп, селпеңдеп,
Тамтаңдап-салбаңдап,
Жатаар маал канасына келет.

Жаштык кез учкан куш болду,
Токтолор жашка туш келди.
Үйрөнгөн адат калабы?
Эртеси дале баягы.
Тамтаңдап келет үйүнө,
Эшек ичет күнүгө.

Каргаша каптап алыптыр,
Карыган кезде эшек,
Кырчаңгы болуп калыптыр.
Көрүнгөнгө сүйкөнүп,
Жылаңач эти калыптыр.
Аны көрүп Кирпи,
Шеригине минтти:
– Айкырса айыл жарат

Тиги эшек.
Карыганда болуптур карып,
"Спирт" – дегениң сиңип денеге.
Жал-куйрукту жыдытып,
Айлантыптыр ала-макоо немеге.

Борсулдаган Дөбөттүн,
Карып болгонун көргөнмүн.

## КОЙ

Ылайык, – деп мага тооккана,
Ишке орноштy Түлкү айым,
Башкы бухгалтердик орунга.
Ийиле басып,
Жылмаңдап күлүп,
Каңшылап жүрүп,
Тез эле жакты,
Мекемени башкарган Жоруга.

Калгандары эмне,
Ветврач Аюу,
Жолдо-белде уктап.
Тооктору кырылып,
"План" толбосо баары бир –
Бүтүн тоок,
Ичкенге арак болсо.

Тируу тооктор,
Заматта өлүк болот.
Сасык Аюуда,
Такыр чындык жок.

Айына отчёт тапшырып,
Көлөкөсүнө жалынып.
Каалаганын жолуна салып,
"Керек" – десе жүрөгүн тагып,
Маймылдай бийлеп,
Зоотехниктер –
Улар, Сайгак, Кузгун,
Түлкү айымдын колдо.
Баарынан кызык,
Айтайын – деген ойдо.
"Ылайык" – деп эт кампаны,
Билип көзгө чөп салбашты,
Башчылыкты өткөрүп беришти Койго.

Келе баштады сумкалар,
Ичине каалоо жазылган,
Койду куттуктаган.
Куулукту билбеген кой,
Кубанычын сураба!
Каалаганча тоок,
Шыкап, өрдөк толтуруп,

Жылуу-жумшак жүрдү,
Сумкаларды узатып.

Арадан өткөн экен алты ай,
Сайрандап жүргөндө кой,
Болуп күндө той.
Каргаша башталды капыстан,
ОБХССтер көрүп чара,
Текшерүүгө келди Карга.

Эт кампадан баштады,
Ак, карасын тактады.
Текшерип бүтүп,
Койду чакыртып,
Эскертти минтип:
–"Бети жок экенсиң кой!
Бекитип жегенсиң,
Алты миңдик тоокту.
Беш колду салбай оозуңа,
Жебеген жердин алдында,
Азыраак жесең болбойбу?
Төлөсөң төлөдүң,
Болбосо түрмөгө түшөсүң.
Башка жок арга, – деп,
Тезекти чокуду Карга.

Эси кетип шалдырап,
Эки көзү жалдырап,
Жардам болобу деп,
Түлкү айымдын
Чоң сумкасына барды.
«Сумкасы» айымга кабарлады:
Ий, билбейт дейсиң го,
Койгондон бери,
Эт кампасына башчы,
Жыргаткан жоксуң бизди...
Эки көзүң кызарып,
Арактан чыкпай калды башың.
Муну, муну бекитип,
Жегениң бизден.
Өзүбүз деле алат элек,
Кызматтан сени!
Чаары бетине чыгып,
Титиреди Түлкү айым:
– Төлө, башка арга жок!
Мага чала, – деп,
Сүдүрөлүп чыкты,
Бухгалтериядан кой.
Жолугуп Аюу менен Жору,
"Көк мээ" болгон кой,
Бизди каралашыңды кой!
Жалгыз жегемин – деп,

Жетпегенин төлөп кой!
Кыйышпас достор,
Өтүп кетти жөөлөп.

Балыктар башынан сасышы,
Бекеринен эмес, ойлоп кой!

## ЧЕГИРТКЕ

Түз жолдо араң,
Ийрейип, сойлоп бараткан,
Жыланды көрүп,
Кыжыры келип,
Сүйлөйт дейт Ташбака минтип:
– Атаңдын көрү, ыраңы суук,
Ийрейип боору менен жылып араң,
Кайсы ишти бүтүрөт,
Ушул "жылан" деген арам.

Шыбырап өткөнүн угуп жылан,
Сойлоп жетип капталга,
Кайрылат Ташбакага:
– Кудайдын курутун,
Уурдаган Ташбака.
Жаманыңдан үстүңө,
Таш бастырган сен бака.
Кыбырабай ылдамдап,

Басчы көңүл бөлөйүн.
Кыйын болсоң ташыңды,
Алып ташта көрөйүн.
Эр болсоң чык жекеге,
Ал-күчүңдү көрөйүн!

Абал бараткanda курчуп,
Ортодон чыгып Чегиртке.
Жыланды актап,
Жолго салды мактап.
Ташбакага жиндеп,
Урушту тилдеп.
Өчөштүрүп жыланды,
Бакаларды кууругуң келдиби?
Сүйлөбөгөнгө сүйкөнүп,
Же өлгүң келдиби?
Шылдың болдуң го жыланга,
Эх, сага чала – деп,
Секирип кетти Чегиртке.

Өзүн билбей өзгөлөргө тийишкендерге,
Болор дедим шибеге.

## АШКАБАК МЕНЕН КАБАК

Бир арыктын жээгинде,
Жанаша өсүп калган экен,
Ашкабак менен Кабак.
Бири-биринен калышпай,
Ачып жалбырак.
Ташташты, узартып палак,
Мезгил келди гүлдөгөн,
Андан кийинки кезек,
Ашкабак урук байлаш керек.

Чырмалып, өсүп палактары,
Аралашып жатып калды.
Күн нурун тосуп жалбырактары,
Кыйналып өңү саргайып,
Азык жетишпей арбайып,
Күндөн-күнгө баратышты,
Өсө алышпай саргайып.
Ошондо Ашкабак баш көтөрүп,
Айтат дейт Кабакка минтип:

– Керектүү, керексиз –
Бөлөт экен экиге.
Сен керексиз дан экенсиң,
Өспөй койсоң эмне?
А, биз болсо керекпиз,

Манты, самса, чүчпара,
Тамактарды түрдөйбүз.
Сары болгон ооруларга.
Самап жечү дарыбыз.

Анда айтат дейт Кабак:
– Кыйынсынба, сен мага,
Сенден барктуу мен болом.
Кымыз, жуурат куюлуп,
Адам менен бир болом.
Ардакталып, сакталып,
Жайлуу жерге илинем.
Оюп алып ичинди,
Кабыгың таштайт эшекке.
Акылы жок Ашкабак,
Бой көтөрүп, эсирбе!

Моюндашкан коңшулар,
Калышкан экен урушуп.
Сабагына байлаптыр,
Сая турган тикенек.
Ойлоп көрсөң турмушта,
Мындайлар да кезигет.

## ЖОЛБОРСТУН ЖҮРӨГҮ

Мекендеп токой жайкалган,
Бала жолборс болуптур.
Ары балбан,
Ары токойду башкарган.
Сүлкүлдөгөн сулуулар сүрдөп,
Алдынан өтө албаган.
Бирок... Жокем!
Моралдык жактан бузулбаган,
Азгырыктарга жулунбаган.
"Жаман" – деген сөз угулбаган,
Сөзү эки болбогон.
Алсызды басынтпаган,
Намысын алдыртпаган,
Экен ал – чыныгы сырттан –
Ала көөдөнүрөөк жаралган.

Ата-бабам, тегим:
– Жолборстон чыккан шермин,
Күч сынашаар,
Мага жок теңим.
Гүл-шиберди аралап,
Ырахатын көрүп дүйнөнүн,
Аска-зоону беттейин.
Атам барда жер таанып,
Саякаттап келейин.

Өзүнө ишенген шер,
Жоро-жолдош албай,
Жалгыз жолго чыккан экен.
Торгойдун үнү угулган,
Булбулдун үнү кубулган.
Жүроктүн черткен кылдарын,
Кыздардай кылыктанган.
Ар жерден, тоо булагы шыңкылдаган,
Бейиш жерге түш келет экен.
Суктанып, кандай кооз, жер соорусу.
Бир топ күн уктап,
Боюм жазайын – деп,
Туланга боюн таштап,
Уктап кетет.

Уктап жатып түш көрөт,
Түшүндө түйшүк иш көрөт:
Төрөттөн өлгөн энеси,
Төө минип келет экен:
- "Кагылайын балам,
Канчага келдиң?" – деп.
Куйрук-жалын жалап,
Беттен өбөт экен.
Кабагын бүркөп эскертип,
"Каралдым, тур!
Айылдын четиндесиң.

Айылга кирбе!
Ээсин капкан иттерге,
Алсыз жугунду ичкенге кезикпе.
Тур, турагой, өз токоюңа жөнө!
Ишенсең да шерлигиңе,
Шериги жок жалгыз жүрбө!"
Кара түн сүрүлгөндөй,
Кайып болду, Жолборс эне.

Ызы-чуудан баш ооруткан,
Көзүн ачса ордунан.
Айылдын иттери,
Алты оролуп арсылдап,
Тиштеп жатышыптыр тарткылап.
Чаң чыгарып чабышайын десе,
Кан чыгарып кабышайын десе,
Арсылдап үрүп качышкан.
Сан миңинен жок сырттан,
Мага жок экен деп тең,
Айыл аралаган чоң жол менен,
Жайбаракат баратат Жокең.
Миңине кошулуп миңи,
Айыл дүрбөп арсылдап,
Чаңды тумандатып сапырып,
Баратышты иттер –
Жокеңдин артынан.

Жоо куугандай жапырт.
Арт жакка койсо кылчайып,
Качышат иттер самсып.
Сабырдын чеги болгону,
Каары чыгып бетине,
Намыс менен ойногон иттерди –
Жаңгактай чачууну ойлоду.

Арсыз иттер, артынан калаар болсочу.
Айылдын четине жатты,
Келээр – деп болжолу,
Дүрмөттөлдү ойлору.
Болсом айбанаттар падышасы,
Арсыз жугунду ичкендер,
Кетирип кадыр-баркты.
Сүрүп чыккансып айылдан,
Самсып ээрчип алышты.
Ит тукумун жек көрүп,
Тамырынан жулсамбы?
Тукум курут кылсамбы? – деп жатты.
Кадыр-баркты кетирген,
Ит иттигин кылбай турабы?
Жугунду ичип жаңы эле,
Тыйылбай койду аягы.
Тийип-качып арсылдап,
Үрө берди баягы.

Жандуунун сырттаны жолборс,
Нерв менен ойногон иттерден жадап,
Жүрөгү ооруп, жыгылды.
Иттердин үнү угулган сайын,
Жүрөгү тез-тез кысылды.
Аба жетпей калтырап,
Баратты Жолборс шалдырап.
Анча болбогондо,
Атасы издеп келбегенде,
Ай-талаада өлөт эле,
Байкуш сырттан жалдырап.

Жакшыга жалаа жугузган,
Жаманга акыл киреби деги?..

## ТОЙДУМ

Торгойго эшиктеш,
Сагызган болду кешиктеш.
Торгой үйүн жылуулап,
Эрте жумушуна барат.
Жалдырабай бөлөккө,
Намыстуу турмушун улап.
Бай оокатка, тың турат.
Сагызган болсо,
Сай-сайга конуп,
Тезектен-тезекти чокуп,

Өттү өмүр көктөмү.
Жанды-жанга урду,
Ала-жула качты.
Канча аракет кылды,
Ак чач болуп калды.
Көктөбөду эккени,
Оңолбоду турмушу.
Колун шилтеп баарына,
Радио болуп алды айылга.
Ар кимдин үйүнө баш багып,
Алган байпагына чейин мактап.
Шакылдап, жаагын жанып сайрап,
Уккан калп-чынын чубап,
Ыйманын жеп ушак.
Көзү барды өөп,
Көзү жокту көөмп.
Досум деген Торгойду,
Тозокко айдайт ылай сээп:

Коңшум жаңы итир,
Өлгөндөй битир.
Кире калсаң үйүнө,
Бопбоз суу куят.
Чайы деле жок үйүндө,
Жарытылуу дейсиңби?
Күндө карыз ун берем,

Тамак-ашына каралашып.
Байкуштун балдарын,
Багышып келем.
Курсагы тойгондо чыгып,
Жанына конду Торгойдун шып.
Шыйпандап шыбырайт минтип:
– Көрө албастар,
Өзү теңеле албайт.
Жакшыбы, жаманбы? - деп сурайт.
Муштум түйүп,
Алардын башын жарчудай,
Күйпөлөңдөйт, Сагызган ызырынып.
– Силерди мактадым досум,
Үй ичи гүл.
Дасторкону жайылып,
Кабактары ачык.
Ынтымак-ырыс чубуруп,
Жашайт ырыс куюлуп.
Жашайт дедим, роза гүлдөй,
Кулпунуп.
Ак көңүл Торгой,
Арамдыгын билбей –
Ак дасторконун жайып,
Шыкап жатты Сагызганды –
"Тойдум" – дегенине болбой.

Үйгө киргенде адамдай,
Чыгарда сойлоп жыландай.
Абайла, мендей күйөсүң,
Тузуң урган жамандан.

## ЖАЛАА

Болуп өткөн
Корпустагы окуя.
Экология бузулуп,
Жер көчүп, жамгыр төгүп,
Асмандын түбү тешилип,
Сел жүрдү, бороон эшилип.
Илгертен айбанаттарга,
Болгон Арстан падыша.
Бул мекемеге коюптур –
Казды башкарма.

Башын ийкеп
Жакшы, жаманга,
Жарабаган койкоюп баскандан башкага.
Ылгабай ак-караны,
Бере салыптыр корпусту –
"Үйүм жок" – деп барганга.
Иштейби, иштебейби,
Анда жок каздын иши,
Кол коюп, айлык алса болду.

Көчө карап элирген,
Топ-томолок семирген.
Торопоюн ээрчитип,
Чочкокан, бир капшытты ээлеген.

Күйкө жүрөт күйкөйүп,
"Комендант" болуп үрпөйүп.
Алда, эмне болот,
Курсак качан тоёт?
Коңшуларым берешен,
Айбанаттар болсо экен?
Турмуш-шартына жараша,
Торгой конду Күйкөгө жанаша.
Андан кийин күйүгүп,
Чаар поок келди сүйүнүп.
Кызыл көрсө кыя өтпөгөн,
Сөз түшүнбөс сакоо эчки,
Кошулду келип токол эчки.
Кийинки узак жомок,
Кадырлуу мейман кылбасаң,
"Катырып коём мен" – деген,
Карт-карт жерди кемирген.
Эти качып, сөөгү калган.
Эрден-эрге тийгенди,
Кесип кылып алган.
Согончогу канабаган,

Мүчөсүнүн бири жарабаган,
Баскан-турганы жаман.
Аны уурдап, муну уурдап,
Бири-бирине кайрап,
Элтеңдеген, эрбеңдеген,
Кошулду арага келемиш деген арам.

Алгач коңшулар жашашты ынтымак,
Ай өтпөй, башташты ыдырап.
Эчки Чочконун короосуна,
Кирчү болду аймалап,
Тумшугуна туш келгенин жалмалап.
Ууруну каракчы тоноп,
Эккен, тиккенин кайсап коёт.
Кеч иштен келген Чочко –
Корпустун тургундарын,
Башына кийип,
Ак-карасына карабай,
«Азууга» да илип койду.
Жакшылар жашайбы? – деп,
Корпуста.
Өзүн ойго илбей,
Жаманаттыны үйүп койду.
Аны ойлой – муну ойлой,
Коңшуларын
Ынтымакка чакырды Торгой.

Бул жашоо убактынча,
Алышкан итче кабышпай.
Жаманды жаап,
Жакшыны жайып,
Коңшулар, жашайлы ынтымакта.
– "Ооба, туура, өзүбүзчө бололу.
Бузук Чочкого сүйлөбөй эле коёлу", –
деди.
Токол эчки.
"Жүгөнү жок, жибин үзгөн.
Байкуш күч күйөөсүн,
Токубай минген.
Жетимдерин алып,
Аталарына түрткөн –
Арсыз экен", – деди Чаар тоок.
Аны коштоп Күйкө:
– Туура айтасыңар,
Узун тилдүү ушакчы,
Ар кимге салып тузакты.
Көчөдөн-көчөгө айдалып,
Ураган дубалда туруп калган.
Ойноштору келгенде,
Ууру деп эр сөрөйүн,
Камата салат шыр.
Өлгөндөй аңкоо,
Арамдыгы күчтүү, шыл, – деди

Күйкө.
Ар тараптан урулуп чокко,
Сындан-сынга алынды Чочко.
Муну уккан Торгой,
Башын чайкап койду.
Коңшулары жарытпасын,
Ичтен байкап койду.
Кантсе да чындыкты –
Айтууну максат кылды.
Эчкини жекирип,
Айыбын мойнуна койду.
Келемиштин ууруулугун ачып,
Жоорун чукуду.
Чочкого жакын жашап,
Үйрөнүпсүз аңкоолук,
Бузуктукту, – деп Күйкөнү нукуду.
Кайраксың – десе,
Чаар тоок жер чукуду.
Ошондон баштап,
Торгойдун күнү тутулду.
Чындыкты айткан Торгойду,
Жактырбай Күйкө,
Комендантмын го, көптөп,
Жалаа жаап –
"Үйдөн айдайбыз!" –
деп булкунду.

Торгойду четтетип,
Чочкого жалынып барышты.
Арак ичип, сайрандап,
Ойнош кутуп, арамдыкка малынды.
Бетке айткан үчүн Торгойду –
Алып-сатар, бузук, – деп чыгышты,
Чындыгы үчүн байкушту.
Чочко, Күйкө, Келемиш,
Ай, жылдап, ушак кылышты.
Чырылдатып чындыкты –
Көмөбүз – деп жулкунду.
Бузуктарга ыр атып,
Кыжырына көп тийген,
Сөз жугузган, ийилген,
Көк жал, түз эле Торгой,
Бир күнү ырдады минтип:
Жолдошу кой – десе болбой,
Арамдыктан ой келди,
Күйкөсүнө той келди.
Чочкокан кошо тейлешти,
Карышкыр, Аюу, Эшекти.
Абийирлери сузулуп,
Акылдары үзүлүп,
Бузуктар күндө тепсенди.
Арасында тиркараак,
Абийирин бийик сактаган,

Үч баласын ардактап, таптаган,
Күйөөсү эптүү,
Өзү септүү,
Торгой болду, алар көрө албаган.

Уурусу күчтүү болсо,
Ээсин доого жыккан,
Уят-сыйытты арактай жуткан.
Азыркы башаламан убакты,
Туу туткан.
Ак адамга жалаа жапкан,
Чындыктан корккон,
Бирок... артынан ылай сепкен –
Эки жүздүүлүк 100% өскөн,
Коңшуларым абийирсиз –
Оңолоор бекен деген көксөөм.

## ДЕПУТАТТАР КЕЛГИЛЕ

Ай-күндү алып берчүдөй,
"Коммунизм" келчүдөй.
Шайланганча топурап,
Торгой болуп сайрап тур.

Чобур, тулпар аралаш,
Эл алдында чуркап тур.
Дүжүр чалдар жер-жерде,
Сакал-мурут майлап тур.

Арамза эшек мингендей,
Арак агып билинбей.
Калп-жалганды айдаган,
Кур убада гүлдөп тур.

Эл-журтуңа жалынып,
Убактынча бөгүп тур.
Башың ийип, жүгүнүп,
Комдуу төөдөй чөгүп тур.

Жулмалашпай, мушташпай,
Жаңы столду талашпай.
Көрө албасың илинбей,
Жей көргүлө билинбей.

## БУЛ ТУРМУШТАН ЖАДАДЫҢ, ЭМНЕ БОЛГУҢ КЕЛЕТ АДАМЫМ?

Мал болуп калсам дейсиң,
Оюю жок оттоп жүргөн.
Уурулар союп кетээр,
"Семиз" – деп чоттоп жүргөн.
Эчки болсоң эрбеңдеген,
Жар боорунан эрмен жеген.
Буйга жерден илип кетээр,
Замандай эби кеткен.

Дарак болуп алсам дейсиң,
Көлөкөлүү саябан.
Карабастан мөмөңө,
Көмүрү жок көрөт го.
Тарсылдатып балталап,
Суу боюнча сыздатып,
Бышылдатып, ыйлатып,
Печкесине жагат го.

Аренда самолётко,
Калсаңчы айланып?
Чет душман, өз душман,
Сак болгун, көп душман!
Бооруңа сойлоп арбашып,
Жарылчу заттар жармашып,
Ойго-тоого ким билет,
Коюшары бышык иш –
"Арбакка" сени айлантып.

Бүркүт болсоң,
Улуу тоонун шумкары,
Ай алдында, Күн алдында сызганы.
"Кызыл китеп" жазылганың бир тыйын.
Кызыл кулак –
Эбин таап, тор салып.
Куш базарда –
Сатыласың шор катып.

Майда жандык,
Болгуң келбес,
Каалоо жок.
Кара чаар,
Жылан болуп сойлосоң,
Бака соруп,
Чычкан кууп ойносоң,
Көзү ачыктар,
Көмүскөдөн тон бычып,
Дартка дабаа,
"Жылан жесе" – деп тынаар.
Салбаңдатып,
Куйругуңдан көтөрүп,
Дартка дабаа –
Жылан шорпо сатылар.

Бөтөн аял, биреөгө кыз көрүнөт,
Биз сезбеген макулук шорлору көп.
Түркүк болуп каршылык туманына –
Адам болуп жашоодон ылайык жок.

## ОЛЖО

Эки жакты каранып,
Элеңдеп турат.
Жаны тынбай,
Тың басып,
Тапканын ийинге ташып.

Таңдан туруп,
Күн батканча мээнет кылат.

Тоюшпаса түнү туруп,
Азык-оокатка тоого чыгат.
Бөрү, Түлкүдөн качат,
Чоңойтуш үчүн чөндөлөй –
далай тер төгөт.
Ыйлап-сыктап,
Душмандан сактап,
Чоңойтот далай чөндөлөй.
Кара жумуш көп кылып,
Тез карыйт эне Суур.

Таяк кармап бөкчөйүп,
Ак чач болуп калат.
Бир күнү катуу ооруп,
Жатып калат.
Тегеректеп балдары,
Урушуп, каарып,
Жаңжал салат.
Тынчтык бербей,
Тез турушун
Талап кылышат.
Ачкалыктан эне Суур
Эстен танат.

"Өлдү" – деп кары алжыган,
Ийинден ыраак ташташат.
Атаандашып, мушташып,
Жамаачыдай ийинин,
Тегиздешип коюшат.
Аны көрүп Түлкү –
Бачиктерим жаш болсо,
Мындай барбы? – деп олжо,
Тутуп алып бир-бирден,
Кызыл канга боёп салат.

Балдарың он болсо,
Араба тартарың жок болсо.
Урап турса дубалың –
Табалашат душманың.



## ТӨҢКӨРҮШ

Асман тунук,
Кыш суук болду.
Куш-айбандарга,
Жан сактоо кыйын болду.
Өзөн суусу саз болуп,
Оокат азык аз болду.
Улуп-уңшуп өрөөн толуп,
Ач Бөрү, Чөөлөр –
Төңкөрүш баштоону ойлошту.
Наараазы болуп,
Көңүлдөр чөгүп,
Ар кандай талаш-тартыш.
Биринен-бири аша чаап,
Жазгы бакадай –
Жатышты ызылдап,
"Кризиске" батканына,
Ким күнөөлүү?
Ким аша чапканын,
Жатышты тактап.

Ызы-чуудан обочолонуп,
Курт-кумурска чокуган,
Таранчынын жанына конду,
Тарп издеген Кузгун.
Таранчы аны көрүп,

– Кайсыл тарапка кошуласыз,
Улуу-урматтуум, – деди.
Төңкөрүш болгону жакшы,
Канча "өлүм" көп болсо –
Тууган-урук жамааты,
Жыргап, куунарын айтты Кузгун.

Заман тарыган сайын,
Төңкөрүш оору болду.
Көкүрөгүн чаап "тыйын",
Биринен бири кыйын...

## КҮЙӨӨГӨ БЕР КЫЗЫҢДЫ

Эшиктен шашып кирип аялы,
Апендиге кайрылды:
– Кызыбыз медик болсун атасы,
Кудайдан ажал келсе жан соогалап,
Калабы сени.

– Зордобо!
Каалаган окууга кирсин.
Өтсө өмүр наараазы,
Болбосун бизге.

Мурдун чүйрүп,
Кыйкырып сүйлөдү аялы:

Сыртта жүрүп көп уктум,
Сырдаштардан кеп уктум.
Жардамга келген,
Дары-дармектерди,
Кымбатка сатып,
"Акт" түзүп жазып,
Уруш-жаңжалдашып түшкөндөрдү,
Машина менен сүзүшкөндөрдү.
Ким акчаны көп берсе,
"Чала өлүк" деп жазып,
Ойлонбой жашашат экен байып.

Дары сиңгендей денеге,
Ак халат кийсе –
Ач көздүгү илинбей,
Калат экен билинбей.
– Макул де, атасы,
Шек албайт эч ким булардан,
"Аптека" ачып алам,
Ашык дарыларды сатып турам.

Врач эле кылам кызымды!
Стол муштап,
Чаары чыгып көзүнө,
Чаңырды аялы.

Сан-миңден чыгат бир бузук,
"Гиппократка" берген ант урсун
андайларды!
– Күйөөгө бер кызыңды, – дебеспи
Апенди.

## КОТУР

Учуп жүрүп Көпөлөк,
Гүлдөр жыттап шат курган.
Көрүп калды Коңузду,
Чалкан гүлдө олтурган.

Ары учуп, бери учуп,
Таңыркап туруп көпкө.
Аңкообу? – деп Коңузду,
Сөз баштады минтип:

– Акылың барбы башта?
Жайнаган гүлдөр турса.
Жабышып алганың кандай –
Денеңди чаккан чалканга.

– Сулуу "гүлдөр" тез соолуйт,
Ар кандай "оору" менен ооруйт.
"Котур" – болуп денем,
Чалканга жардам сурап,

Келгем, – деди Коңуз.
Ак болгон менен бетиң –
Ылайка болсочу ичиң?

## ЧАЛКАН

Кармасаң чаккан аарыдай,
Тапсаң болот көп жайдан.
Гүл сымал өсүп жайкалып,
"Дары" дейт ушул чалкан.

Маалында чогултсаң,
Көлөкөдө курутсаң.
Көп ооруга дары дейт,
Биз корккон ушул чалкан.

## ТҮЛКҮНҮН КАТЫ

Чуу коюп Кандек,
Качып келет.
Жалт-жалт карап арт жагына,
"Борс-борс" үрүп коёт.

Чочугандай кыйын,
Саландатып тилин.
Чогулган иттердин,
Катарына туруп калат.

– Куйүгуп мынча,
Бардың сен кайда? –
Кылгыра тиктеп,
Сурады Тайган.

– Чынын айтсам,
Тукум жегени,
Тооканага баргам.
Силерге жалган,
Жолборс жүргөнбү аралап,
"Кык" таштаптыр,
Тааныдым.
Кайра-кайра жыттап,
Баспас болуп,
Тооканага.
Качканым ырас, –
деди Кандек ыйламсырап.
Коркунуч бийлеп,
Чынбы?..
Дене-бойлору уркүп,
Бири-бирин карашат иттер.
Ары ойлошуп,
Бери ойлошуп.
Кароолдуктан баш тартышып,
Бекинип алышат экен иттер.

Аны көргөн Түлкү,
Чаң салып,
Тоок-жөжөлөргө кол салып,
Алы жеткенче ташып.
Карт кекирип,
Кардын сылап,
Коёт экен, минтип жазып:
"Өзү эмес, кыгынан,
Коркоруңарды билгенмин.
Акмактар!..
Алыстан араң ташып
Келгенмин", – деп жазып
Коюптур Түлкү.

Алчудай жанын,
Кошоматчылардын көптүгүнө,
Көп жолу таң калдым.

## БӨРҮБАЙ БӨКӨЛЧҮ

*(Сатира)*

Айылда өлүп Канат,
Союлду 30 миңдик
Жылкыдан кара аш.
Ызы-чуу, ый-кошок,
Келишти элдер жоктоп.

Бий-болуштарды топтоп,
Өлук көмүш үчүн кетээр...
Каражатты жатышты чоттоп.
Жакын коңшусу –
Он жыл камалган Бөрүбай,
Айтат дейт минтип:
– Этти жеткириšти мага бергиле,
Бөкөл болуп берейин... бирок
Жылкы эти аз
Жыгыш керек эки-үч койду.
Калың элге жетпей калып,
Каргап жүрбөсүн бизди.
Анын үстүнө куда-пудасы,
Түнөп калат, – дебеспи.

Кудайдын кулу,
Айыл молдосу туруп,
Сүйлөдү муну:
– Ал-абалды карагыла!
Көп чыгым кылбагыла!
Жакшы адамдар орозодо өлөт.
Айылда 70 пайыз орозо тутат.
Чын дүйнөгө кетти маркум.
Бул жалганда берген сообуңар –
Керт башына тиет.
Союлгандарды жейт,

Бергенди киет, урунат.
Жаназага бир килем,
Мечитке бир килем,
Акчалай берсеңер деле алам.
Жуутуна, жыртышына,
Аянбай идиш-аяк бергиле,
Кымбатына карабай.

Маркум Канат...
Бул буюмдардын сообунан,
"Жаннатты" жүрөт аралап.
Кара, көктү үзбөгүлө!
Аралаштырып кийбегиле!
Маркумдун жүзү,
Күнгө калат какталып, –
деди молдо ууртунан жылмайып.

Балдары намыстуу,
Жакшы чыкты.
Жыйып чайды,
Үйүп кантты.
Борсулдатып кызартып,
Көп бышыртты боорсок-нанды.
Чакалап майды,
Керектүүнүн баарын коюшту.
Үчүнө дагы артат делди,

Айтууга оңой болгону менен,
Канча миңдеген сомдорду –
Карызга алышты.
Ооз ачканда желет, – деп,
Аксакалдарга таратылды,
Чучуктуу түйүн.
Кыйраткансып кызматты,
Тезекбай менен Бөрүбай,
Казы-карта, чучукту,
Үйлөрүнө бекитти.

Анан келип үй ээсине кекетти:
– Тууганым, коңшум, – деп эң жакын,
Жанды үрөп,
Кызмат кылып жатабыз.
Дагы эле кылат элек кызматты –
Кыш чилдеси,
Тоңуп-үшүп жатабыз.

100 грамм киргенде ичине,
Чындап Бөрүбай кириште ишине.
Калпып алып зардебин,
Суу куюп койду ичине.
Май-күрүчтөн тоноду,
Таң атканча бөкөлчүлөр,
Бөрү болуп жойлоду.

Ойлонгула кыргыздар!
Өлүмдү тойго айлантып,
Чыгаша көп кылбагыла!
Бөрүбайдай бөкөлчүлөр –
Тоноп кетет бүт элди.

Жылкы, бука сойбогула!
Арттагы балдарды да ойлогула!

# МАЗМУНУ

ОТТУУ КАЛЕМ .............................. 3
ЖОЛДОШУМДУН ТИЛЕГИ .............................. 5
ЫРЛАРЫМ .............................. 6
АКЫНДАРГА ТААЗИМ .............................. 11
БИЛБЕПМИН .............................. 12
КАЙРАН ПЕНДЕ .............................. 13
МЕН "АТАМАН" АРАКМЫН .............................. 15
КӨГҮЧКӨНДҮН КАРГЫШЫ .............................. 16
ЫРЫМДЫ ТОРОЛТОМ .............................. 22
КҮН ӨТӨТ .............................. 23
ӨМҮР .............................. 24
МАКТАЙТ ЭКЕН .............................. 25
ТОПОН СУУ .............................. 26
ӨТӨ БЕРЕТ МУҢ-ЗАРЛАП .............................. 26
ЧАҢЫРБАГЫН ЖЕТИМ ДЕП .............................. 28
СЕЛКИЛЕРГЕ .............................. 29
ЖАТАМ ЖИПСИЗ БАЙЛАНЫП .............................. 31
НУРКАН КОЙЧУМАНОВАГА .............................. 32
ТҮГӨЛБАЙ КАЗАКОВГО .............................. 33
МЭЭРИМ КЫЗЫМА .............................. 34
ЖАМАН УУЛ .............................. 35
ШАХРА ТАЛИПОВАГА .............................. 35
КАРЫЛЫК АРТТАН КУУСА... .............................. 36
БЕТИМ КЫЗАРАТ .............................. 37
ЧАГЫЛГАНДАР ӨРТТӨП КОЙДУ .............................. 38
БОЗДОП .............................. 39
НОБЕЛЬ .............................. 39
АРМАН АЙ .............................. 40

КӨЗ АЧУУНУН КӨЙГӨЙҮ ........
ЖҮДӨГӨН БЕЙИТ БОЛДУҢБУ? ........
СУКЕҢ ЖАНА МЕН ........
САЛАМ, ЖАЗЫМ! ........
ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КААЛОО ........
КӨК-ЖАҢГАК ШААРДЫН АРМАНЫ ........
АЛКАШ ЧАЛДЫН АРМАНЫ ........
ӨЛҮМ ДЕГЕН ........
КОЙГУЛА ........
КОШ, НАРИСТЕМ!.. ........
АРБАГЫ МЕНЕН СҮЙЛӨШТҮМ ........
УЛУУ АКЫН – АЛЫКУЛ ........
ТОҢУП ТУРАМ ........
КАЙРАН ӨЛҮМ ........
КУЛ БОЛГОН ........
ЖАШТЫК КЕЗ ........
ЖҮРӨКТҮН КАРТАЙБАСЫ ........
КАДЫРЫҢДЫ БИЛБЕПТИРМИН
СЕКЕТИМ ........
ЖИГИТТИН КАТЫ ........
БОЛСОҢ ЭКЕН ТҮГӨЙҮМ ........
А МЕН БАЙКУШ ........
КУСАЛЫК ........
ТҮШҮНГӨН АДАМ МЕНЕН
ЖАШОО БАКЫТ ........
КАЙРА ТАРТПАЙТ ........
ЖИГИТ БОЛСОҢ ........
АРАЧЫ ........
ТҮНГӨ ОКШОП ........
АРМАН АЙТЫП ЫЙЛАБАСЫН ........

ТУНУК БОЛСО ЭМНЕ? ........................ 109
ҮН ЧЫГАРБАЙ КАЙТАСЫҢ. ........................ 110
АРСЫЗДАР ........................ 111
БИР АЯЛГА АЙТААРЫМ ........................ 111
КЫЗДАРГА ........................ 112
КАЙРАН КЫЗДАР ........................ 113
СЕНИ АЙТАТ ........................ 114
КӨҢҮЛ ........................ 114
АЙ ЧЫГАТ ........................ 116
СҮЙҮҮГӨ ........................ 116
СҮЙҮП АЛ КОЛДОН КЕЛСЕ ........................ 117
АРАМДЫК ЖОК ........................ 118
АЛТЫН БАШТЫ ЖЕРГЕ САЛБА ........................ 119
СҮЙЛӨГӨН УШАКТАРЫ
АТЫЛГАН ОК ........................ 119
АЙЫЛЫМ ........................ 120
ЖАЙЛООДО ........................ 121
СҮЙҮҮНҮ ДАҢАЗАЛАП ........................ 124
"30" ТАЯК ТИЙГЕН МЕНЕН ........................ 125
ЖҮРӨГҮМ ........................ 126
ӨСҮП КЕТСЕМ ........................ 127
ТИРҮҮНҮ ЖАКШЫ ДЕП
АЙТУУ КЫЙЫН ........................ 128
ЖООКЕР УУЛУМ ........................ 129
ЖАШАРЫП КЕТПЕЙТ БЕЛЕ
МЕНИН АТАМ ........................ 130
ТАҢ КАЛАМ ........................ 132
КҮЗ ........................ 133
КОНГОН ЖЕРИМ ТЕРЕҢДИК ........................ 134
КӨЗ ЖАШЫҢА ТЕҢ БЕКЕН? ........................ 135
БӨКСӨРТПӨСӨ ........................ 136

УУ .......................................................... 137
ГҮЛДҮ КӨРДҮМ КАБЫРЫҢА
КОЮЛГАН .................................................. 137
КЕЛЕЧЕК ҮМҮТҮМ ..................................... 139
СЕНСИЗ ДҮЙНӨ............................................ 140
КОЗГОЙ БЕРМЕК ......................................... 140
БОЗ ТУМАН ................................................. 141
ЗАЙЫРБЕК ИНИМДИН
АРБАГЫНА АРНАЙМ ................................... 142
ЧАЧТЫ ОТКО САЛБАЙ ЖҮРГҮН ................... 144
ЖАН ТАЛАШТЫК ......................................... 144
СЕЛ КЕЛДИ .................................................. 145
ЖАКШЫ ОКУ ............................................... 147
ЖЕ КИМ БИЛЕТ? ......................................... 149
МЕН ӨЗҮМДҮ АЛДАПМЫН ........................... 150
СҮЙГӨНДӨР КАЛСЫН
ЖУП БОЛУП ................................................. 151
СҮЙБӨГӨНГӨ БАШ КОШСОҢ ....................... 152
КАЛЫС СӨЗДҮҮ КАРЫЛАР ........................... 154
МИЛИЦИЯ .................................................... 155
АСКАР АКАЕВГЕ .......................................... 156
СӨЗ ТҮРҮ ..................................................... 160
АПЕНДИ....................................................... 162

*САТИРА, АЛЛЕГОРИЯ, ТАМСИЛ...*

ДЕМОКРАТТАР ДЕЛЕ КӨСӨМ ...................... 163
УЧАСТКОВЫЙ ТАГАМ ................................. 164
ЧЫЧКАН ...................................................... 166
ТРАЙБАЛИСТТЕР ........................................ 168
УРМАТТУУ БУКАМ!.. .................................... 170
ЖЫЛДЫЗ ..................................................... 171

ЖАННАТ КУШ ........................................ 173
МАМАЙДЫН ГӨРҮ ........................................ 176
КҮЛӨТ ТҮЛКҮ ........................................ 177
КУДАЙ БЕШЕНЕҢЕ
ЖАЗБАСА?.. ........................................ 178
БРУЦЕЛЛЕЗ КОЛБАСА ........................................ 180
СУУР ........................................ 182
СУНУШ ........................................ 184
БАКА АЙЫМ ........................................ 186
ОРУН БЕРГИЛЕ ДЕДИ
ТҮРМӨДӨН ........................................ 189
АЮУНУН АЧУУСУ ........................................ 190
КУКҮКТҮН БАЛАСЫ ........................................ 192
БАЛЫКТЫН ЫЙЫ ........................................ 194
ЭШЕК ........................................ 196
КОЙ ........................................ 197
ЧЕГИРТКЕ ........................................ 201
АШКАБАК МЕНЕН КАБАК ........................................ 203
ЖОЛБОРСТУН ЖҮРӨГҮ ........................................ 205
ТОЙДУМ ........................................ 209
ЖАЛАА ........................................ 212
ДЕПУТАТТАР КЕЛГИЛЕ ........................................ 218
БУЛ ТУРМУШТАН ЖАДАДЫҢ,
ЭМНЕ БОЛГУҢ КЕЛЕТ АДАМЫМ?............ 219
ОЛЖО ........................................ 222
ТӨҢКӨРҮШ ........................................ 224
КҮЙӨӨГӨ БЕР КЫЗЫҢДЫ ........................................ 225
КОТУР ........................................ 227
ЧАЛКАН ........................................ 228
ТҮЛКҮНҮН КАТЫ ........................................ 228
БӨРҮБАЙ БӨКӨЛЧҮ ........................................ 230

КОК-ЯНГАКСКАЯ
городская библиотека

*Көркөм-адабий басылма*

**КАЛИЛОВА ЖУМАКАН**

# ЧАГЫЛГАН

*(Ырлар, тамсилдер, сатиралар, аллегориялар)*

Редактору *Уланбек Парманов*
Корректору *Рапия Сакелова*
Сүрөт редактору *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Мукай Кадыров*

Басууга 28.12. 2009-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60х84 $^1/_{16}$. 15,0 басма табак.
Нускасы 500. Заказ № 371.

«Бийиктик» басмасы.
Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: 66 17 25.ыыыыыы



Калилова Жумакан Мамашариповна 1961-жылы Сузак районундагы Кут-Турган айылында туулган. Азыркы учурда Көк-Жаңгак шаарында жашап, очор-бачар үй-бүлөсүнүн мээримдүү энеси. Адистиги – жогорку билимдүү финансист болсо да Жумакан Мамашариповна ыр, сатира, тамсил сыяктуу аллегориялык уялаш жанрларда чыгармаларын чейрек кылымдан ашуун убакыттан бери аздектеп жазып, жыйнап келатат.

Автор жаратылыш, коом турмушундагы күңгөй-тескей кубулуштарга, адамдардын мүнөзүнө сергек сарсеп салып, кайдыгерлик илдетинен сырткары жашайт. Анын чыгармаларындагы окуялар да чагылгандай таасын, даана жаралып, окуган окурмандардын сезимин заматта дүрбөлөңгө салат, кеймана жазып, кадыресе жаран болууга үндөп турат. Автордун ушул тун китеби анын мындан аркы чыгармачылык ааламына мейкиндик болуп бермекчи.